9 Ар бир чыгарманын өзгөү болуш керек




14 "Кытай математика боюнча 1-орунда"




# САРЕСЕП

saresep.kg

15-сентябрь, 2016-жыл
№36 (69)
Калыс көз караш!


## Баш мыйзамды өзгөртүүнүн максаты эмнеде?

11-бетте



### Көмүскөдөгү акча менен күрөшүү азырынча эртеби?

6-бетте



### Кыргыз армиясындагы абал оңолобу?

7-бетте



### Жапондор эмне үчүн кызматкерин мактабайт?

10-бетте




# Кыргызстан эң кооз 12 өлкөнүн катарына кирген


Британдардын "The Independent" гезити Кыргызстанды саякатчылар сөзсүз баруусу керек болгон 12 өлкөнүн тизмесине киргизишкен. Басылма үчүн бул рейтингди дүйнөнүн бир да жерин калтырбай кыдырып койгон 40 жаштагы белгилүү саякатчы Гуннар Гарфорс түзгөн.

Гарфорстон «Сизге кайсыл өлкө өзгөчө жакты" деген суроо узатышканда ал: "Бул суроого жооп бериш кыйын. Бирок сөзсүз барып көрүп коё турган 12 өлкө бар" деп жооп берген.

Горфорс: "Кыргызстандын керемет жаратылышы, колориттүү базарлары, Эгер сизди бир сулуу кыргыз кызын ала качып кете турган америкалык эпчил деп эле ойлобосо, кыргыздай меймандос эл дүйнөдө кезикпейт" деп саякатчыларды кызыктырган.

Горфорс түзгөн тизмеде биринчи орунда граф Дракуланын мекени болгон Румыниядагы Трансильвания, экинчи орунда укмуштуудай кооз, жээктеринде өскөн баобабдарында лемурлары ойногон Мадагаскар аралы, үчүнчү орунда Исландия өлкөсү, төртүнчү орунда адамгерчиликтүү адамдар көп жолуккан Вьетнам өлкөсү кирген. Ошондой эле бул тизменин катарын Кирибати, Жаңы Зеландия, Никарагуа, Сьера-Леоне, Доминика Республикасы, Норвегия жана Уругвай өлкөлөрү толуктаган.

Мындан сырткары, 2015-жылы британдардын "The Telegraph" аттуу башка гезити да Кыргызстанды барып көрө турган 12 өлкөнүн катарына киргизген. Бул өлкөлөрдүн рейтинги да Гуннар Гарфорс тарабынан түзүлгөн.



# 16-сентябрда КМШ саммити өтөт

16-сентябрга белгиленген КМШ өлкө башчыларынын саммитине алты президент катышат. Бул тууралуу президенттик аппараттын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Сапар Исаков маалымат жыйынында билдирди. Анын айтуусунда, саммитке Азербайжан, Армения, Беларус, Казакстан, Тажикстан жана Орусиянын мамлекет башчылары катышат.

Мындан сырткары, Молдованын өкмөт башчысы, Өзбекстандын тышкы иштер министри, Түркмөнстандан премьер-министрдин жардамчысы, Украинадан элчи катышат.

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги 1991-жылы түзүлгөн. Бу жолку өлкө башчылардын жыйыны уюмдун 25 жылдык маарекесине туш келүүдө.



# Акча которууда паспорт көрсөтүлөт

Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматы 13-сентябрь күнү 1 млн. сомдон жогорку суммадагы акча которууда паспорт көрсөтүү милдеттемеси дагы эле ишке киргизиле элек экенин байкады.

Жогорку Кеңештин Транспорт, коммуникация, архитектура жана курулуш комитети КРнын кээ бир мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүү киргизүү боюнча мыйзам долбоорун карап жатат. Бул өзгөртүүлөрдүн долбоору террордук жана экстремисттик аракеттердин алдын алуу үчүн, кылмыш жолу менен табылган акчаларды легалдаштырууга каршы багытталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (КРУБ) өзүнүн чечими менен 1 млн. сомдон жогорку сумманы которууда паспорт көрсөтүлө тургандыгы тууралуу мыйзам алдындагы актыны бекиткен.



# "Кыргызкөмүр» ишканасына жетекчи дайындалды

«Кыргызкөмүр» мамлекеттик ишканасына жаңы жетекчи дайындалды. Кыргыз өкмөтүнө караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун төрагасы М.Мамбетжановдун буйругу менен 9-сентябрда ишкананын директорунун биринчи орун басары Талантбек Бокешов кызматтан алынган. Ошол эле күнү төраганын дагы бир буйругу менен «Кыргызкөмүр» мамлекеттик ишканасына Мырза Жаманбаев директордун биринчи орун басары жана жетекчинин милдетин аткаруучу болуп дайындалды.

13-сентябрда Жогорку Кеңештин отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу комитетинин мүчөлөрү Кара-Кече көмүр кениндеги кырдаал менен таанышуу максатында Нарын облусунун Жумгал районунда көчмө жыйын өткөрдү.

«Кыргызкөмүр» ишканасынын жаңы директору Мырза Жаманбаев тапкан 1 млн. сом жарым жыл айлык албаган ишкана кызматкерлерине аванс катары төлөндү. Мындан тышкары, көмүр кенине 26 тонна күйүүчү май жөнөтүлдү. Аны менен көмүр катмарынын үстүн ачуу иштери башталды.

Мырза Жаманбаев «Кыргызкөмүр» ишканасынын жамаатына ички пикир келишпестиктен улам артта калган көмүр казуу планын аткарууга жетишүүгө убада берди.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Конституцияны өзгөртүү Республика – Ата-Журтка пайдалуу

Кыргызстан социал-демократтар партиясы (КСДП) үчүн учурда Республика – Ата-Журт (РАЖ) коалиция түзүүгө эң ыңгайлуу жана пайдалуу партия болуп турган кези. Анткени РАЖ медиа-ресурстары жана акча-каражат жагынан Баш мыйзамды өзгөртүүдө бийлик тарапка эң чоң салым кошо алат. Бирок аброй маселесине келгенде тизгинди тартуу да ишке жарачудай болуп тургансыйт.

РАЖ элдин добушунун 20,07% алып, акыркы парламенттик шайлоодо КСДПдан (27,44%) кийинки эле экинчи орунду алган. 2015-жылдагы программалар менен убадаларга караганда Баш мыйзамдын өзгөрүүсүнөн келечектеги жергиликтүү жана президенттик шайлоолордо КСДПдан мурун РАЖ көбүрөөк упай топточудай болуп турат. Анткени Өмүрбек Бабанов менен Камчыбек Ташиев 2015-жылкы парламенттик шайлоодо Конституцияга өзгөртүү киргизүү керектигин өлкөнү кыдырып жар салышкан.

Шайлоо учурунда Бабановдун: «2010-жылдан баштап 2015-жылга чейин беш премьер-министр алмашкан. Конституция баш болгон мыйзамдар мамлекеттин өнүгүүсүнө тоскоол болуп турат. Биздин программанын ток этер жери бул Конституцияны өзгөртүү сунушу. Учурдагы Баш мыйзам башаламандыкка алып келди. Биз аны өзгөртүү сунушу менен бирге 15 жаңы мыйзам иштеп чыктык. Эгер биздин бул сунуштарыбыз кабыл алынса, элдин бардык көйгөйү чечилет», - деп сүйлөгөнү бар. Чын эле азыркы бийликтин Конституция боюнча сунуштары Бабанов менен Ташиев сунуштаган беренелерге окшошуп кетет. Мисалы, учурдагы өзгөртүүлөрдө айтылган күчтүү парламент-президенттик система жана премьердин макамын күчтөөнү алар ошол шайлоодо эле сунушташкан. Шайлоонун жыйынтыгы чыгары менен Бабанов «КСДП менен РАЖ бири-бирине эң жакын абалда» деп бийлик партиясына жуучу түшүп да көргөн. Бирок эң көп добуш алган эки партия келише алган эмес.

Бир четинен бийлик тараптын бурчка такалганын сезген, экинчиден КСДП менен соода жакындап калгандыгынан күлүккө чабылчу аттай тыбырап турган РАЖдын лидери кечээ күнү сырын жашырбай: «Маалында бизди коалицияга киргизбей, бизге бир дагы комитеттин төрагалыгын бербей койгон элеңер, ошонун кесепетин өз башыңар менен көрүп жатасыңар. Биз коалицияга киребизбикирбейбизби, ал биздин принципиалдуу позицияларыбызга көз каранды, бирок биз сүйлөшүүлөргө даярбыз», - деп азыркы өкмөттү түзгөн коалицияга кирген төрт партиянын шаштысын кетирди. Конституцияга өзгөртүүнү колдоп чыккан бийликчил тарап тың чыкма Өмүрбектен көрө, көнүп калган Өмүрбекти тандаган сыяктуу болду. Себеби башкаруу коалициясы бир жарым саат сүйлөшкөн соң тарап кетпей, Өмүрбек Текебаев, Бакыт Төрөбаев жана Иса Өмүркулов төрт айдан бери шайланбай келген коалициянын башчылык макамына Канат Исаевди отургузуп чыгышты.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:**
Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 5200**
**Буйрутма № 2015**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП

# Конституцияны талкуулоого беш ай жетпей, 40 күн жетти



**Бийликтеги партия «Конституцияны өзгөртүү долбоору коомдук талкуудан өттү, ошондуктан эксперттик топ аны Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет» деп жар салды. Өзгөртүүлөр парламенттин сайтына 29-июлда коюлуп, бир айдан кийин талкуу эки жумага узартылган. «Талкуу үчүн бул мөөнөт жетиштүүбү?» - деген суроого Нарын Айып жооп берди**

Талкуу жетиштүү болгон жок. Жогорку Кеңеш да, президенттин аппараты да, Өкмөт да эч кандай коомдук угуу уюштурган жок. Президенттин аппараты тануулап келе жатканы менен ушул күнгө чейин өзгөртүүлөрдү даярдагандар жана аларды кайра иштеп чыккандар белгисиз. Кимден кандай сунуш түшкөнү, алардын кайсынысы алынып, кайсынысы кандай себептен улам кайтарылганы да беймаалым.

Биринчи өзгөртүүлөр ЖКнын сайтына чыкканы менен кийин «кайра каралды» деген өзгөртүүлөрү бар текст парламенттин сайтына чыккан жок. Алар көз каранды бир сайтта үч күн илинип турган соң төлөм төлөп гана кирүүгө мүмкүн кылып коюшту. Анан кайдагы жалпы элдин талкуусунан өттү деп айтса болот? Жарандардын пикирин жыйып эске алган орган жок. Бул сунуштардын кабыл алуу тартиби да бекитилген эмес. Ошондуктан бийликтин «эл колдоп жатат» деген сөзү документтер менен тастыкталган жок.

Былтыр июнь айында Конституция өзгөртүү киргизүүдөн баш тартуунун негизги себеби катары убакыттын тардыгы айтылган. Анда талкуу январда башталып, долбоор апрелдин аягында сунулуп, июнда кайра чакырылган. Азыр убакыт болду деп айткандары менен былтыркыдан аз мөөнөт берилди. 24-августа Жарандык көзөмөл комитети уюштурган тегерек үстөлдү бардык телеканалдар, келгендер өзгөртүүлөрдү колдогондой чагылдырды. Чынында, ал жыйында бийликтегилерден башка бир да адам долбоорду колдогон эмес.

# Кыргызстанга 120 депутат көптүк кылат



**Конституцияда жалпылай 114 берене болсо, анын 30 беренесине референдум аркылуу өзгөртүү киргизилгени турат. Депутаттар эс алуудан келер замат дал ушул баш мыйзам темасын катуу талкуулай баштады. Айрым эл өкүлдөрү "ар бир кыргыз жараны мамлекеттик тил билүүгө тийиш, төрага менен премьер-министр президенттик шайлоого аттанбашы керек" деген сунуштар менен чыгышты. Мындан тышкары, депутат Зиядин Жамалдинов ЖКнын депутаттарын 120дан 90го кыскартууну сунуштады. Ал "бүтжетти үнөмдөө үчүн депутаттык артыкчылыктарды эмес, депутаттардын санын кыскартса туура болот" дейт.**

– 6 млн. эли бар Кыргызстанга 120 депутат көптүк кылат. Анын ордуна элүүгө жакын депутат деле башкарып койсо болот. Мисалы, биз 540 депутат болсок да, 120 депутат болсок да ошол эле мыйзамдарды кабыл алып жатабыз. Мен 50 эмес, же 60 эмес, туура 90 депутат болсун деп атам. Анткени 50 чыныдна эле аздык кылат. Кээ бир мыйзамдарды өткөрүү үчүн демилгечи топ 50 депутатты оңой эле сатып алышы мүмкүн. Бирок 90 депутаттын орду 120 депутаттыкына теңелип калат. Буга чейин Республика- Ата журт партиясы депутаттардын артыкчылыктарын жоюу керек деген сунушу менен чыккан. Мунун себеби бүтжетти үнөмдөө болчу. Бирок артыкчылыктарды жойгондун ордуна депутаттардын санын 90го кыскартып, болгон шарттарды түзүп берсе, бүтжет үнөмдөлүп, эффективдүү жамаат пайда болот. Бүгүн биз Улуттук онкологиялык борборго керектүү жабдыктарды алып берүү долбоорун карадык. Аягында акча тартыштыгынан бул иш кийинкиге калтырылды. Эгер акча болгондо шарттар түзүлүп, бейтаптар анализ аныктоо үчүн чет элге чейин барбайт эле. Албетте, депутаттардын көбү бул сунушту колдобойт. Себеби 90 депутат болсо бүгүнкүдөй 5 партия шайланып келбейт. Келсе 3 же 4 партия келиши мүмкүн. Ошондуктан депутаттардын ортосунда атаандаштык күч болуп, ар бир депутатка мен шайлоодон өтпөй калышым мүмкүн деген ой келери анык.

# Кыргыз аялдарынын 40 пайызы миграцияда



**Өлкөдөгү экономикалык абалдын айынан жылына 50 миңден ашуун мекендештер иш издеп, чет өлкөгө чыгууга аргасыз. Алардын 87 пайызы Орусияга чыкса, 8 пайызы Казакстан, калган пайызы башка мамлекеттерди тандашат. Атайын изилдөөлөр миграцияга көбүнчө аялдар туш болорун далилдеген. Учурда кыргыз мигрант аялдар өлкөдөн чыккан мекендештердин 40 пайызын түзөт. Бул көрсөткүч тажик, өзбек мигранттарына салыштырмалуу көп. Анткени аталган өлкөлөрдөн чет өлкөгө чыккан жарандардын 80 пайызын эркектер, 20 гана пайызын аялдар түзөт. Бул боюнча атайын отчёт дагы даярдалып чыккан. Айтылуу маселе тууралуу кененирээк билүү үчүн, көйгөйдү көтөрүп чыккан адам укуктарынын эл аралык федерациясынын вице-президенти Төлөйкан Исмаиловага кайрылдык:**

– Эл аралык адам укугу боюнча эксперттердин корутундусу боюнча отчёт жарыяланды. Ага ылайык, азыркы мезгилдеги Кыргызстандын мигранттарынын 40 пайызын аялдар түзөт. Орто Азия боюнча Кыргызстан гана ушунча пайыз болуп жатат. Башка Тажикстан, Өзбекстанда мигрант аялдардын саны 20 пайыздан ашпайт. Аларда көбүнчө эркектер. Кыргызстандын аялдарынын тагдыры жалпысынан караганда абдан кейиштүү. Оор жумушта, бөтөн жерде, балдары менен кошо кыйынчылыктарга моюн сунуп, энелик милдетин таштап кетип жатышат. Анткени мамлекетибиз жакырчылык боюнча дагы биринчи орунда. Мигранттардын мындай кыйын абалын өкмөт көрүп эле турат. Биз Кыргызстандын бийлигине айтып жатабыз, комплекстүү түрдө ушул көйгөйдү чечмейинче аялдарыбыздын, балдардын тагдыры жакшырбайт. Эмгек мигранттарынын 18 пайызы жаш балдар. Алар начар турмуштун айынан тентип жүрүшөт. Алар окубайт, тамак ичпейт, айрымдары кулчулукта. Ошол балдардын келечеги кандай болот? Ошондуктан барчу жерге алгач даярданып барыш керек. Мына эксперттер айтып жатат. Чек арадан өтүп жатканда дагы жөн эле "Мен таанышыма баратам, конокко баратам" десе мигранттын статусу жазылбай, ага эч кандай жардам болбой калат. Ошондуктан "Мен мигрант болуп баратам" деп айтыш керек. Чек арадагылар деле өздөрү "жазып коё бер" деп буга кызыкдар эмес. Жыйынтыгында статистикада көйгөй чыгып жатат. Аналитика жок. ЕАЭБде дагы миграцияга тиешелүү көп берене бар. Бирок алар иштебей жатат. Биз миграция департаментине, Тышкы иштер министрлигине бул маселени колго алыш керек деп айткыбыз келет.

# 80 гектарга 1 эмес 80 окуу жай курса болот



**Кыргыз түрк "Манас" университетинин жаңы корпусун курууга кыргыз өкмөтү 80 гектардан ашуун жер берген. Университет курулуп жаткан жай шаардын эң кымбат райондорунун бири деп эсептелинет. Эл арасында бир эле университет 80 гектарды ээлеп жатканын айтып сындагандар арбын. Учурда окуу жайдын курулушу аягына чыгып калды. Анда 1 кабаттан 3 кабатка чейинки бештен ашуун имарат курулуп бүткөн. Адистер кептин баары дал ушул жапыз курулган имараттарда экенин айтышат. Мында аз кабаттуу имарат куруп, 80 гектар жердин дээрлик баарына ээлик кылуу саясаты бар дешет алар. "Art-sman" курулуш компаниясынын ээси, үй куруучу Улан Сманов 80 гектар жерге бир университет эмес, ондогон окуу жай курса болорун айтат. Район сейсмологиялык кооптуу аймакка кирген эмес, ошондуктан ал аянтка 1 эмес, 10 кабаттан ашык имараттарды куруп, бир канча жерди үнөмдөсө болмок дейт ал.**

– Кандай курулуш болбосун, турак жайбы, университипи, же башка имаратпы, болушунча бийигирек курулганы жакшы. Анткени Бишкекте жер тартыш. Башка аймактарды айта албайм, бирок Бишкекте сейсмологиялык коркунуч деген жок. Мисалы окуу жай орун алган районго 35 кабатка чейин имарат курууга уруксат берилген. Жердин баарын ээлеп бир кабаттан жапырайтып-жапырайтып куруп коюшуптур. Андан калган дагы канча жер бош жатат. 80 гектарды 1 эле университет ээлеп турганы мен үчүн түшүнүксүз. Ар бир факультет өзүнчө курулуп, ортосу ат чабым аралыкты түзөт. Башка чет өлкөлөрдүн, ошол эле Түркиянын тажрыйбасын алсак, университеттер 10 кабаттан ашуун курулган. 1-кабаты медициналык факультет, 2- кабаты юридикалык, калган кабаттары дагы башка факультеттерге бөлүнүп кеткен. Ал эле эмес ашкана, жатакана, спорт залы да ошол бир эле имаратта жайгашкан. Билесиздер "Жал" кичи району кымбат, абасы таза, барктуу райондорго кирет. Бир эле сотых жер 25-30 миң доллар турат. Ал аймакка курулган имараттар шаарга көрк берип турушу керек болчу. Кол коюп берген сөрөйлөр кандай долбоор көтөрүп барса деле жарата бербей, бир сыйра изилдеш керек эле.




# Экономикс

Заңгыраган үйдө жашаган Акмат аз эле суу колдонот. Айылдын той-торопосунда комуз чертип ырдап жүргөн Ташмат менен анын музыкалык тобунда чогуу эмгектенген төрт досу тойго барарда да, тойдон кайтканда да мончого түшүшөт. Бул жерде кандай салык саясаты адилеттүү болушу мүмкүн?

*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Экономисттер эмнени талашат?

Бернард Шоу: «Экономисттерге бир ишти аягына чыгар десең, алар өмүрү бир пикирге келе албайт», – деп айтканы бар. Экономисттердин абийирин айрандай төккөн мындан да катуу сөз ойлоп таба аласызбы! Саясатчыларга бири-бирине карама-каршы келген кеңеш бергендиги үчүн экономисттерди сындабаган адам жок. Бул кесип ээлеринин мындай болуусунун эки негизги себеби бар:

1. Экономисттер сунушталып жаткан альтернативдүү теория боюнча бири-бири менен кайчы пикирде болушу мүмкүн;

2. Экономисттер түрдүү идеологиялык баалуулуктарды кармангандыктан улам, бири-бириникине карама-каршы усул жана ченемдерди колдонуусу ыктымал.

Бул эки себептин ар бирин өзүнчө карап чыгалы.

## Ар түрдүү илимий түшүнүк: Дүйнө көп кырдуу

Астрономдор бир нече кылым мурун «Ааламдын борбору жерби же күнбү?» деп талашышкан. Жакынкы жылдары экологдор «Жер шарында глобалдуу жылуулук тарап атабы жана анын себептери эмне?» деп тартышты. Илим бизди курчап турган дүйнөнү токтобостон түшүндүрүүгө аракет кыла бермекчи. Ошондуктан окумуштуулардын тигил же бул нерсени түшүндүрүүдө түрдүү ыкмаларды колдонгонуна таң калбай эле коюш керек. Экономисттердин араздашуусунун негизги себеби дал ушунда. Экономикалык теория башкаларга салыштырмалуу жаш илим. Анда далай ачыла элек «аралдар» бар. Экономисттер сунушталып жаткан дүйнөнү оңдоо теориясынын далилдүү экени жөнүндө же маанилүү деп каралган көрсөткүчөрдүн олуттуулугу тууралуу кайчы пикирде болушу мүмкүн.

## Салыкты кирешеге салалыбы, же чыгашагабы?

Өкмөт салыкты үй чарбалардын кирешесине карап алуусу керекпи, же керектөөсүнө жараша бычканы туурабы деген талаш-тартыш мындай мисалдардын бири. Салыкты кирешеге эмес ушатууга жараша алыш керек дегендер, бул ыкма үй чарбаларын каражат топтоого түртөт, анткени алар баштапкы салыктан бошотулду деген пикирди айтышат. Алар топтолгон каражаттар өз учурунда өндүрүштүн өнүгүүсү жана калктын жашоо-турмушунун оңолуусун шарттайт деген ойдо. Салыкты кирешеден алуу керек дегендер салык мыйзамынын жогорудагыдай өзгөрүүсү үй чарбаларынын акча топтоосуна анча деле түрткү болуп бере албайт дешет. Экономисттердин бул эки тобу салык салуу системасынын түрдүү ыкмаларын карманышат. Ошондуктан алар салык аркылуу мындай багыттоого үй чарбалары кандай жооп берери тууралуу ар башка көз караште.

## Ар түрдүү баалуулук: Адамдан салык алсакпы, же мүлктөнбү?

Акмат менен Ташмат айылдын кудугунан бирдей өлчөмдө суу колдонот. Кудукту пайдаланууга кеткен чыгымдарды жабуу үчүн айыл өкмөтү тургундарынын кыймылсыз мүлкүнөн салык алууну чечти дейли. Акмат 2 млн. сом турган чоң үйдө жашайт. Ошондуктан үйү үчүн жылына 10 миң сом төлөмөй болду. Ташмат болсо 200 000 сомдук эки бөлмөлүү үйдө турат. Ошондуктан жылына 1000 сом салык төлөйт. Мындай салык саясаты туурабы? Эгер адилетсиз болсо, кимиси өтө көп, кимиси аябай аз төлөөдө? Калктын кыймылсыз мүлкүнөн алынчу салыкты кудукту колдонуп атакан айылдын ар бир жашоочусуна карата (подушевой) салынган 1000 сомдук салыкка алмаштырсак жакшыраак болбойбу? Чындап келсек кычыраган үч кабат үйдө жашаган Акмат аз эле суу колдонот. Айылдын тойлорунда комуз чертип ырдап жүргөн Ташмат менен анын музыкалык тобунда ырдап чордошкон төрт досу ар бир тойго барар алдында да, тойдон кайтканда да мончого түшүшөт. Бул жерде кандай салык саясаты адилеттүү болушу мүмкүн?

## Адилеттүүлүк кара күчтөбү?

1980-жылы Британия өкмөтү кыймылсыз мүлк салыгын ар жарандан алчу салыкка алмаштырганга аракет кылган. Бул Трафальгар аянтындагы кагылышууга алып барган, себеби калктын көбү муну чоң адилетсиздик катары кабылдашкан. Бирок элдин көбү болбосо да, калың катмары мындай айырбаштоо аркылуу буга чейинкиге караганда адилеттүүрөөк салык системасы түзүлөрүнө ишенген. Алар кызуу кандуу каршы тарапка эки кызыктуу суроо жолдошкон. Биринчи суроо – «адилеттүүлүк» жана «адилетсиздик» деген сөздөрдүн маанисин кантип аныктайбыз? Экинчиси – таасир берчү жана чечим чыгаруучу күчкө ким ээ? Эгер чыныгы күч ар бир жаранга салынчу салыкка каршы чыккан тарапта болсо, анда буга чейинкиге караганда адилеттүүрөөк системаны сунуштаган кандай саясат болбосун баары бир четке кагылат!

## Экономикада сезим маанилүүбү?

Кыймылсыз мүлк салыгын ар бир жандан алынчу салыкка эмес, кирешеден алынчу салыкка алмаштырсак кандай болот? Акмат жылына 100 000 сом киреше табат жана 5 пайыз, же тагыраак айтканда, 5000 сом кирешеден алынчу салык төлөйт. Ташматка болсо араң 10 000 сом киреше кирет, ошондуктан жылына 500 сом салык төлөйт. Анын тойлош достору да ушул өлчөмдө гана салык чегеришет. Алар тойдо комуз чертип ырдоо кесибин тандап алгандыктан кирешеси аз экени маанилүүбү? Ташмат башка кесипти аркалаганга күчү жетпегени кимди кызыктырат? Акмат болсо таякесинен мураска калган жерлерди ижарага берип, күтүрөгөн киреше алып жатканы менен кимдин кандай иши бар? Же болбосо Акмат эки-үч жерде иштеп мындай киреше тапса, бир нерсе өзгөрмөк беле?

## Аз салык төлөдүм деген киши жок

Акмат менен Ташматтын айылдаштары мындай татаал суроолорго жооп издешсе, сөзсүз талашып-тартышып кетмек. Эгер эки кесипкөйдү жалдап, салык системасын реформалоону тапшырышса, саресепчилер берген сунуштар элдин басымдуу көпчүлүгү талап кылып жаткан өзгөртүүлөрдөн таптакыр башкача болуп чыгышы мүмкүн. Бул жөнөкөй мисал экономисттер эмне себептен улам бир пикирге келе албаганын көрсөтүп турат. Биз буга чейин өтүлгөн темалардан экономикалык саясат илимий теория менен ишке ашпашын билебиз. Экономисттер карама-каршы келген сунуштарды берүүсү мүмкүн, анткени алар түрдүү идеологиялык баалуулуктарга таянышат. Экономикалык илимдин бир да тармагы Акмат же Ташмат өтө эле чоң салык төлөп жаткандыгын түшүндүрүп бере албайт.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Бааланбай калган баатырлар

Москвадагы 17 адамдын өмүрүн жалмаган өрттө баатырдык көрсөткөн жигиттердин бири Кыргызстандын кадырлуу коногуна айланды. Учурда Юрий Лугвинге алкыш айтып, алаканын кысып, эстеликке сүрөткө түшөт элем дегендер арбын



Сүрөт ▸ mreporter.ru

Албетте, Лугвиндин баатырлыгын эч ким четке какпайт. Жөнөкөй үй-бүлөдөн чыккан пейили кең, эр жүрөк жигит экен. "Мен баатыр наамына татыктуу эмесмин, мен катардагы эле адамдык сапатын жогото элек адаммын" деген Юранын сөзүнөн жаштайынан татыктуу тарбия алганы көрүнүп турат. Лугвинди айткандар айтып, жазгандар жазып бүттү, дагы да жаза берсек жарашчудай. Бирок бүгүн биз орус жигиттин көлөкөсүндө көрүнбөй калган башка баатырлар жөнүндө кеп козгойлу деп турабыз.

## Баатырдык эрдигине эмес, улутуна карап бааланабы?

Ошол күнү Юрий Лугвин менен катар эле Сабыр Алимбек уулу, Адылбек Шакиров, Урматбек уулу Жоомарт, Акматов Азамат, Марип уулу Таалайбек, Абдыгапар уулу Азизбек аттуу азаматтар өрттөнүп жаткан имаратка кирип 4 адамдын өмүрүн сактап калганга жетишкен. Бирок алиге чейин булардын бири дагы урмат-сый турмак, жарытып алкыш уга элек. Болбосо Юра көрсөткөн эрдикти алар да көрсөтүп, ал кирген өрткө алар да киришкен. Же эмне эрдигине эмес, улутуна жараша мамиле кылынып калганбы?

## "Айлык тийсе мекениме кайтам"

Албетте, "жакшылык үчүн акы алмай жок" дегендей, аталган азаматтар курулай жылдыз болуп, көкүрөк каккысы келбейт. Биз алар менен байланышканда эч кандай сыйлыктын кереги жоктугун айтышты. Айрымдары маекке эптеп көндүрсөк, айрымдары такыр эле баш тартып коюшту. Ал эми маек берүүгө макул болгондордун бири **Адылбек Шакиров** 17 кыздын өлүмүнө өзүн күнөөлөгөнсүп жүрөт. Ал "Эмнеге төртөө эле? Эмнеге бардыгы эмес?" деген суроо тынч уктатпай, күнү-түнү ээрчип жүргөнүн айтат. "Алты жылдан бери каза болгон эже-карындаштар менен бир туугандай эле болуп калгам. Алардын өлүмү бүгүнкүгө чейин жаныма жай бербей келет" деген Адылбек ошол каргыш тийген күндү башынан эстеди.



– Мен ошол өрт чыккан басмаканада алты жыл иштедим. Меники күндүзгү нөөмөт болчу. Саат 8 де жумуш башталмак. Мен туура саат сегизге барсам, имарат күйүп жатыптыр. Алгач эмне болуп атканын түшүнбөй дендароо болуп турдум. Бир аздан соң гана өзүмө келип, имарат өрттөнүп жатканын түшүндүм. Менден башка дагы балдар бар болчу, баарыбыз тең түз эле күйүп аткан имаратка жөнөдүк. Анткени ойлонууга убакыт болгон жок. Кире турган жакты өрт каптап, кирүүгө мүмкүн болбой калганын көрүп, басмакананын артына бардык. Карасак, 2-кабатта адамдар жардам сурап атышыптыр. Бир кыздын колу салаңдап туруптур, өзү эсин жоготуп койгон окшойт. Күйгөн басмакананын жанында 1 кабат жаңы курулуп аткан имарат бар эле. Биз ошол имаратка чыгып кыздарды терезеден чыгарып кеттик. Азыр абалдары жакшы болуп калды деп уктум.

Басмакананын ээси шартына байланыштуу жумушчуларга акыркы айдын акысын төлөй элек экен. Адылбек ошол акча тийсе эле Кыргызстанга кайтарын айтат.

– Ошондон кийин Москвадан көңүлүм сууду. Айлыгымды күтүп жатам. Акча тийсе эле кичи мекеним Кызыл-Кыяга кетет элем. Бирок ал жакта да мени жыргаган жашоо күтүп турган жок. Билбейм, барсам көрөм го, – дейт ал.

## "Баалабаса да таарынбайбыз"

Кийинки азамат **Сабыр Алимбек уулу** болсо, өзүн баатыр саноонун кереги жоктугун айтат. Ал ушундай кыйын кезеңде ар бир адам жардамга кол сунууга милдеттүү деген пикирде.



– Ушул убакка чейин эч бир мамлекеттик органдан чалып, ыраазычылык айткан жок. Ошол өрт болгон күндүн эртеси эле элчиликке чакырып, силер ал жерде кандай себептерден улам болуп калдыңар? Негизи кырсык кандай болгону жөнүндө сурады. Бирок биз алкыш айтпады, баатыр деп таанымбады деп таарынбайбыз. Ар бир адам кыла турган ишти жасадык, болду, – дейт Сабыр.

## "Издедик бирок таппадык"



Минтип алар мекенине кайтууга акчасы жок айлыгын күтүп жатканда, Туризм департаментинин жетекчиси Азамат Жамангулов **Юрий Лугвинди** Кыргызстанга чакырып, жол чыгымын толук төлөп берди. Жогорку Кеңештин төрагасы Чыныбай Акунов Ак үйгө кабыл алып, ЖКнын ардак грамотасын тапшырды. Сый көрсөтүп, колуна саат такты. Ал эми Өзгөчө кырдаалдар министри (ӨКМ) Кубатбек Боронов болсо баатырдык көрсөткөнү үчүн ӨКМнын төш белгиси менен сыйлады. Бирок анын катарында жогоруда аталган алты кыргыз жараны болгон жок. Көрсө, ушул тапка чейин алардын биз тапкан байланыш номурларын өкмөт мүчөлөрү жабылып таппай жүрүшүптүр. Өкмөттүн аппаратынын маалыматтык камсыздоо бөлүмүнөн али күнгө издештирип жатканын маалымдашты. "Президент А.Атамбаевдин тапшырмасы менен тышкы иштер министрлиги, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Ички иштер министрлиги 27-августта Москва шаарындагы өрт учурунда адамдарды куткарууга катышкан жактардын жеке маалыматтарын аныктоо боюнча иш алып барууда. Кырсык учурунда куткаруу ишинде өзгөчөлөнгөн жактар ведомстволук сыйлыктар менен сыйланып, зарыл учурда мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлмөкчү" деп жазылган анда.

> "ушул тапка чейин алардын биз тапкан байланыш номурларын өкмөт мүчөлөрү жабылып таппай жүрүшүптүр"

## "ЖКнын трибунасында айтылат"

Өрттөнгөн ишкананын ээси Сергей Москвин жакын арада жумушчулар менен толук эсептешерин айткан. Бирок андан бери 2 жума өтсө да, акчадан дайын жок. Аталган балдардын көпчүлүгү ошол ишканада иштегендиктен, учурда дээрлик баары Адылбектин абалында турушат. Ал эми Жогорку Кеңештин депутаты Жылдыз Мусабекова маселе ушул нукта кете берсе, Жогорку Кеңештин трибунасында айтылат деген убадасын берди. Ал улуту оруспу, кыргызбы, же башкабы айрымасы эмне, өз өмүрүн тобокелге салып, башканын өмүрүн сактап калып аткандан кийин сөзсүз сыйлыкка көрсөтүлүп, баатыр наамы берилиши керек деген ойдо.

– Орусту унутпагандар, кыргыздарды да унутпаса керек. Шашпай турса, кезеги келет да. Ошол убакта Көчмөндөр оюну да болуп калбадыбы. Эгер такыр эле көңүл бурулбаса анда Жогорку Кеңешке алып чыгабыз. Болбосо, жөн эле көрүнүп, кыйкырып, өкүрүп калалы дегендер толо. Канткен менен адам өмүрүн сактап калган адам өкмөттүн көңүлүнө илинбесе да, Жараткан мээримин төгөт деп ойлойм. Жигиттерге мен дагы ыраазычылык айткым келип турат. Андайда "эмне болсо ошо болсун, өгүз өлбөй, арабам сынбасын" деген жигиттер четтен чыгып атпайбы. Эгер мен Жогорку Кеңештин төрагасы болсом алардын жол чыгымын көтөрүп коймокмун. Бирок менин андай мүмкүнчүлүгүм жок. Элдикиндей бизнесим да жок. Мен деле силерге окшогон журналист болчумун, – деди ал.

Азырынча байкалбай калган баатырлар сөзсүз эртеби-кечпи бааланат деп ишеним артып туралы. Негизи жыл башынан бери өз өмүрүн өлүмгө байлап, башканын жанын сактап калган учурларды көп кездештирдик. Мындай кезде же сүйүнөрүңдү же капаланарыңды билбей каласың. Анткени бир жандын аман калганы сүйүнтсө, башка жандын курман болуусу кимди болбосун кайгыга салат.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кара акча менен күрөшүү азырынча эртеби?

Күнүнө миңдеген жарандарыбыз чет жактарга акча которот. Кызыгы акчаларын банк аркылуу эмес, көмүскө жолдор менен жиберип жаткандар көбөйдү



Бүгүнкү күндө көпчүлүк банк аркылуу акча жөнөтпөй калган. Бизде пайызы эң төмөн деп банктардын сайраганына карабай, эмнегедир көпчүлүк акчаларын жашыруун жолдор менен жиберүүнү эп көрүшөт. Туристтик фирмалар, же дагы башка булактар менен которулуп жаткан мындай жашыруун акчалар менен терракт сыяктуу кылмыштар жасалып, адамдардын өмүрү кыйылууда.

## Терракт жасоого акча кандай которулат?

Жакында болуп өткөн Кытай элчилигиндеги жардырууга акча туристтик фирма аркылуу келген. Эми ошол күбөлөндүрмөсүз жиберилген акчанын айынан катардагы кызматкер террористтикке шектелүүдө. Сөзүбүз ачык болуш үчүн айтылуу жаранныбыздын социалдык тармак аркылуу актанган кебинин узундугуна орун бере кетсек:

“Мен Мубарак Турганбаев, Стамбул шаарында “Адал Тур” каргосунда иштейм. Биз Туркиядан Кыргызстанга жүк ташыйбыз. Анан ошону менен бирге Туркиядагы бардык карголордой эле акча трансфери менен да иштейбиз. Стамбулдан бирөө акча берсе Кыргызстандан берип коёбуз. Кыргызстандан акча берсе Стамбулдан берип коёбуз.

1-июлда Бурхан аттуу бул жакта ресторан иштеткен бир киши Бишкектен берип коёсуңарбы деп мага 5000 доллар берген. Биздин Каргодо иштеген балдар 5000ди Искендер деген 0709668740 номурдагы балага беришкен. Кечээги Кытай элчилигинин жанындагы жардырууга ушул Искендер аттуу адамдын катышы бар деп шектелип, бирок ал өзү табылбай жатыптыр. Ошондуктан бул акчаны берген деген айып менен Бахридин жана Мурадыл аттуу “Адал Турдун” балдары камакта сурак берип жатышат. Тергөөчүсү Уралиев аттуу адам деп айтышты. Мени али ал жактан расмий чакырышпай эле издөөгө беришиптир. Бирок мен эч жакка качкан жокмун жана Кыргыз республикасынын Стамбулдагы консулу Руслан мырза менен тыгыз байланыштамын. Тигил террористтер менен эч кандай байланышым жок. Муну бул жердеги бардык тааныштар тастыктайт. Биздин карго банктай эле иштейт. Биз акча берген жана алган адамдардын ким экенин кайдан билебиз? Бул чоң жалаа. Түшүмө дагы кирбеген чоң айып коюлуп жатат.”

## Жарандар акчасын сакташ үчүн “кара базарга” барат

Жашыруун жолдор менен кетип жаткан накталай акчалардан мамлекет кандай жоготууларга учурайт? Мүмкүн жарандар салыктан качып ушул жолдорго барып жатышкандыр деген суроолор туулат. Чынында эле, эгер акчалар банктардын кызматысыз кара базар аркылуу кете берсе, өлкө бүтжетине терс таасир бербей койбойт. Мамлекетибиздин салык кызматына байланышып, абалды түшүндүрүп, жообун угуп көрдүк. Кызматтын адистеринин айтымында, башка жолдор менен акча которуп жаткандар банктардын кардары эместигин, акча которуудан түшкөн салыктар, мамлекетке эмес банктардын өздүк казынасына кетээрин айтышты. Ал эми өлкө бүтжетине төлөнүп жаткан салык башка экен. Демек, акчаны мыйзамсыз жолдор менен которуунун алдын-алууга азырынча мамлекет кызыкдар эмес өңдүү. Кызыгы, эгер акчалар банктар аркылуу жиберилбей, кара жолдор аркылуу которуу өсө берсе, кардарын жоготкон банктар акыры салыкты кантип төлөшөөр экен деген ой да жаралбай койбойт.

Мүмкүн, банк аркылуу акча которуу акысы жогору болгондуктан, адамдар көмүскө жолдор менен жиберип жатышкандыр. Ошондуктан банктардын пайызын азайтып, акча көп которулган Орусия, Түркия, Кытай өңдүү мамлекеттер менен кандайдыр бир келишим түзсө кандай болот деген суроо менен Экономика министрлигинин байкоочу кеңешинин өкүлү, **экономика адиси Искендер Шаршеевге** кайрылганыбызда ал көмүскө жол менен акча жиберүү жарандарга пайдалуу экенин айтты:

– Мамлекет үчүн бул көрүнүш чынында эле чоң маселе. Себеби банктар акча которууларды жасай албай, натыйжада салык төлөөдө кыйналат. Анткени ал которуулар банктардан сырткары жасалууда. Бул маселени чечүүдө ишенимди көтөрүш керек. Төлөө акысын азайтса которуучулар үчүн кызыктуу боло баштайт. Банктардын пайызы 1ден 3кө чейин, жеке ишкерлердики 0,1ден 1,5ке чейин. Анан албетте, жеке ишкерлердики кызыктуу болот да. Банктагы акча которуунун пайызын азайтыш үчүн эч кандай мамлекеттик келишимдин кереги жок. Эгер банктар өз ара келишип алып, 0,3 же 0,5 пайыз кылса, элге жеңил болуп, банкка кайрыла баштайшат. Жекеме-жеке акча которуу дайыма болуп келген. Бирөөгө тапшырып, тааныш аркылуу жиберүү дегендей. Бул жерде эч кандай көмүскө система жок. Көмүскө жол менен акча жиберүү жаранга жакшы. Ал өз акчасын сактап калат. Мамлекет жарандарын ойлосо анда тим койгону оң. Эгер бүтжетти ойлосо анда башка кеп. Себеби бүтжет дайыма эле жарандарга пайда келтире бербейт.

## Кара акчаларды көнгөн адат менен жиберишет

Айрым эксперттер банктарда акча которуулардын комиссиясы нормалдуу экендигин айтышат. Тескерисинче, пайыздар мурунку жылдарга салыштырмалуу азайып жатат дегендер бар. **Экономист Кубан Чороев** “кара базар” аркылуу акча жиберип жаткан адамдарда мыйзам түшүнүгү жок экенин айтат:

– Менин оюмча бүгүнкү күндө банктар аркылуу акча которуу буга чейинки жылдарга салыштырмалуу бир топ арзандады. Мен банктан акча которуунун пайызы кымбат дегенге кошула албайм. Акча которуулар накталай, адамдар аркылуу жүрүп жатканынын себеби мыйзамдарды түшүнбөстүктөн жана көнгөн адатты улантуудан келүүдө. Болбосо азыркы күндө көптөгөн акча которуулар банк аркылуу эле болуп жатат деп ойлойм. Мыйзамсыз акча которууга биздин мыйзамда чектөө салынган. Жалпы эле ири суммадагы акчалар жана кээ бир мамлекеттерге которулган каражаттар дайыма текшерилип турат.

Адистин жогорудагы пикиринен кийин дал ушул текшерүүлөрдөн улам адамдар өз кирешелерин мамлекеттен жашырып, салыктан кутулуу үчүн акчасын көмүскө жол аркылуу жиберип жатышкандыр деген ой туулат. “Чынында эле, туристтик фирмалар элди эс алууга гана жибербей, акча которуу менен дагы иштеп калганбы?” деп бир канчасына кайрылып оң жооп ала албадык. Жасап жаткан иштери мыйзамсыз болгондуктан алардын жаап-жашырганына таң калуунун кереги деле жок болсо керек. Бирок бир кездерде туристтик фирмада иштеген адамды таап, аны менен байланышууга жетише алдык. Өзү туралуу маалымат бергиси келбеген адам турфирмада иштеп жүргөндө акчаларды чемодандап ары-бери жиберип турганын айтты. Акчаны ким бергени жана ким алары тууралуу маалымат болот, бирок ортодо тастыктаган документ болбойт дейт ал. Кызыгы, ал учурда жиберүүнүн кызмат акысы бекер болгондугун да кошумчалады.

## “Кара акча” менен күрөшүүнүн мезгили келди

Натыйжада мамлекет боло туруп ““Кара акча” дайыма эле болгон” деп баш ийип берүүбүз туура болобу? Дал ушул жашыруун жолдор аркылуу жиберилген акчалар менен канчалаган кылмыштар жасалып жатат? Буга каршы кандай чара көрсөк болот? деген суроону **экономика адиси Нурадил Раимбековго** узаттык:

– Акчаны накталай кара жол менен жиберүү бул мамлекетке мыйзамсыз акча которуу болуп саналат. Бул илгертен эле болуп келген деп ага баш ийип берүүнү туура деп эсептебейм. Себеби сөз экономикада акчанын кылмыш жолу менен айланып жаткандыгы тууралуу болууда. Көзөмөлсүз акча которуу пункттарынын болушу кара акчаларды азайтпайт. Өкүнүчтүүсү, көмүскөдөгү экономиканын белгилери бардык тармактарда, анын ичинен каржы жагында көп байкалат. Чындап айтканда, акча которууда адамдар эмне себептен туристтик фирмалардын кызматын колдонушарын түшүнбөйм. Себеби алардын комиссиясы банктар менен бирдей эле. Ошондуктан бул маселени изилдеп, тереңирээк казыш керек. Адамдар киреше салыгын төлөөдөн качып, өз кирешелерин жашыргандыктан ушундай жолдорго барышы мүмкүн. Бул болсо көмүскөдөгү экономика болгондуктан, мамлекет аны өз колуна алып, күрөшүшү керек болчу.

Билинбеген менен жашыруун жолдор аркылуу накталай кетип жаткан акчалардан мамлекетибиз көп жоготууга учурап жатат. “Азыр баары жакшы” деп кенебей турган банктарыбыз учуру келгенде өкүнүп калышпаса болду. Себеби мындай “кара акчалар” менен адам өмүрү кыйылып, канчалаган кылмыштар жасалып жатканына карабай, кесипкөйлөр кайдыгер отургансыйт.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Кыргыз армиясындагы абал оңолобу?

**Оштогу №1525 аскер бөлүгүндө жоокерлер ортосундагы мушташта набыт болгон ефрейтор Эламан Ташбалта уулунун өлүмү кыргыз армиясынын абалы тууралуу сындарга, кызуу талкууларга жем таштады. Маркумдун өлүмү боюнча кылмыш иши козголуп, иликтөө уланууда. "Саресеп" гезити да бул санда куралдуу күчтөрдүн абалы тууралуу сөз кылууну эп көрдү**

Он гүлүнүн бири ачыла элек 22 жаштагы Эламан Ташбалта уулу Ноокат районунун Алашан айылында туулган. 2015-жылы аскерге өтпөй калганы менен армияга барууну көздөп, кийинки чакырууларда кабыл алынган. Милдетин өтөп бүткөн соң аталган аскердик бөлүккө келишимдик негизде кызматка орношуп, ефрейтор болуп иштей баштаган экен. 6-сентябрда кечке жуук катардагы жоокер менен жаңжалдаша кетип, анын арты кандуу окуя менен аяктады. Ата-энеси эми минтип чүрпөсүнүн сөөгүн жерге берип, сыздап отурган чагы. Маркумдун атасы Ташбалта Абдакимов уулун кийинки жылы үйлөнтөм деп тилек кылып жаткан. Ал ниети таш каап сыздаган ата-эне алты саны аман кеткен уулунун сөөгү келсе "армияга бала жиберип кереги барбы" деп зар-какшап отурат:

– Балам спортту жакшы көрүп, жөн жерден бирөөгө катылчу эмес. Жазында үйлөнтөлү деп максат койдук эле. Аскерге жакшынакай кылып жиберген чырактай балабыздын өлүгү келди.

Куралдуу күчтөрдүн Башкы штабынын маалыматында Эламан Ташбалта уулу алган жараатынан 7-сентябрда ооруканада өзүнө келбей көз жумганы айтылат. Анткени менен анын ата-энеси, бир туугандары Эламандын аёосуз сабалганын, аны токмоктоого бир эле жоокер эмес, бир нече адам катышканын айтышып, акыйкат иликтөөнү жана айыптууларды жазага тартууну талап кылууда.

Окуя учурунда аскердик бөлүктүн жетекчилери кайда болгону белгисиз. Ош гарнизондук аскер прокуратурасы кылмыш ишин козгогону менен күнөөлүү деп кармалган аскерлердин саны канча экени тууралуу так маалымат бере элек. Прокурор Динмухаммед Осмон уулу тергөө иштери уланып жатканын билдирүү менен чектелди.

## 6 жылда 80ден ашык жоокердин өмүрү кыйылган

Бул окуя Кыргызстанда армиядагы абал жана аскерлердин бейжаал өлүмүнүн көбөйүп жатканы боюнча сын-пикирлерди күчөттү. Анткени аскердеги жогоркудай учурлар биринчи жолу катталган жери жок. Аскер прокуратурасы билдиргендей, кыргыз армиясында соңку алты жылда 80ден ашык жоокер каза тапкан. Быйыл жыл башынан бери аскерде ар кандай жагдайда көз жумган уландардын саны бешке жетти. Куралдуу күчтөр маркум жоокерлердин 65 пайызы өз өмүрүнө кол салган же суицидге барган деген кабар тараткаты менен коомчулукта ага ишенгендер өтө аз.

## Армиядагы кайгылуу окуялардын себеби эмнеде?

Армиядагы абалды иликтеп жүргөн "Кылым шамы" бейөкмөт уюмунун жетекчиси Азиза Абдирасулованын баамында, аскердеги кандуу окуяларга аскер бөлүктөрүнүн жабыктыгы себеп болууда. Анын баамында, аскер бөлүктөрү абактар, убактылуу кармоочу жайлардай эле жабык мекемелердин катарын толуктагандыктан аларды коомдук көзөмөлгө алуу зарылдыгы жаралууда:

– Албетте, жабык жайлардын баарында күч колдонуу кездешет. Эгерде коом тарабынан катуу көзөмөл болбосо терс көрүнүштөр кайталана берет.

Азиза Абдирасулова кошумчалагандай, аскер бөлүктөрүндө ишеним телефондору, атайын кутулар бар. Бирок, жоокерлерге телефон көтөрүүгө уруксат берилбегендиктен ага эч ким чалбай, бул чакырыктар жазуу түрүндө гана кала берүүдө. Эгер кимдир бирөө жоокерге зордук-зомбулук кылып, кыйнап жатса кайсы бир жакка, органдарга кайрылууга мүмкүнчүлүк түзүлүшү керек. Ал эми ушул тапта аскер бөлүктөрүндө сырт менен байланыш дээрлик жок болууда.

Аскер прокуратурасынын өкүлдөрү болсо жоокерлер кабылган кайгылуу окуялардын чоо-жайын комплекстүү түрдө кароо керек деген көз караштa. Ошол эле маалда аталган мекеменин билдиришинче, айрым уландардын мекен алдында милдетин өтөөгө даяр эместиги, уставдан тышкары мамилелерди, кодулаган учурларды жаап-жашыруу аракеттеринин арты да терс кесепеттерге кептеп жатат.

## Аскерге жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары барат

"Кылым шамы" уюму Кыргызстандагы аскер бөлүктөрүндө милдет өтөп жаткандардын 70 пайызы мигранттардын жана жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары экенин иликтеп чыккан. Мындан тышкары, аскерге чакырылгандардын 94,6 пайызын кыргыздар, 1,8 пайызын өзбектер жана 0,7 пайызын орустар түзөрү аныкталган. Жакында эле Мамлекеттик коргоо комитети аскерге барбай жүргөн уландардын чет өлкөгө чыгуусуна тыюу салууну сунуштап чыкты. Мекеме мындай демилгени аргасыз кабыл алганын, анткени жыл сайын 70 миң бала армияга чакырылышы керек болсо, анын үч миңи гана кабыл алынып жатканы менен негиздеди. Бирок, жыл сайын мектепти бүткөн 70 миң баланы кабыл алууга мамлекеттин кудурети жетеби деген суроого баш катыргандар четтен чыгат.



## Кыргызстан жоокерлерин бага албайбы?

Расмий кабарларга таянсак, Кыргызстанда бир жоокердин күнүмдүк тамак-ашына 60 сом жумшалат. Ал эми түрмөдөгү кылмышкерге 80 сомдон ашык каражат бөлүнгөнү да армиядагы абалдын көңүл жылытпай тургранынан кабар бергенсийт. Коргоо тармагынын, аскер кызматкерлердин ишине карата коомдо сын көп. Маселен, Жогорку Кеңеш депутаты Руслан Казакбаев "Республика-Ата-Журт" фракциясынын дарегине соңку эки жылда бир жарым миңге чукул кат келсе, анын көпчүлүгүндө куралдуу күчтөргө нааразылык жазылганын билдирет:

– Балдары армияда милдетин өтөп жүргөн жарандардын кайрылуусу көп болуп кетти. Алар аскерде шарт начар экенин, балдары качып жатканын билдирип жатышат. Биз да Аскер прокуратурасынан маалымат алып, суицид көбөйгөнүн билдик. Жоокерлер өз жеринде, өз элинде кызматын өтөп жатышат. Былтыр ЕККУнун адистери кыргыз армиясынын абалын иликтеп, мыйзамсыз зомбулуктан тышкары шарт начар, медициналык камсыздандыруу жок деген тыянак чыгарышкан.

Кыргызстандагы куралдуу күчтөргө байкоо жүргүзгөн укук коргоочулар да өлкө өз аскерин начар багат деген позицияны карманышат. Анткен менен жоогордугу көйгөйлөргө канчалык деңгээлде көңүл бөлүнүп, чечилип жатат деген суроо ачык бойдон калып жатканын айтышууда. Былтыр Акыйкатчы институту армиядагы абалды иликтеп, өкүмзордук, зордук-зомбулуктан тышкары аскерлердин кийимдери начар, талапка жооп бербегенин жарыялаган. Ошондой эле жоокерлердин кийимдеринин көбү синтетикадан тигилип, кышында суук, жайында ысык тартары, алардын саламаттыгына кам көрүүгө шарт түзүлбөгөнү, социалдык-экономикалык укуктары бузулуп жатканын айтып, буга өкмөт жетиштүү деңгээлде көңүл бурбайт деген бүтүмгө келген. Ошол эле маалда акыркы убакта армиянын абалы жакшырып баратат дегендер да бар. Мындай көз караштагылардын бири чек ара, коопсуздук маселелерин иликтеп жүргөн көз карандысыз эксперт Улукман Калыбеков аскердеги кайгылуу окуялардын көбөйүшүн коомдогу ачыктык менен байланыштырды:

– Мурун деле кайгылуу окуялар болуп келген, бирок жабылуу бойдон калчу. Азыр коом ачык болуп, мындай нерселердин ачыкка чыгып жатканы жакшы көрүнүш. Он жыл мурун Куралдуу күчтөрдүн абалы аябай начар болчу. Азыр шарттар акырындап жакшырып келатат. Мамлекеттин аскер кызматкерлерин үй менен камсыздоо, жоокерлердин казармаларынын шартын жакшыртуу, жаңы казармаларды куруу аракеттерин оң баалаcа болот. Аскерлердин кийим-кечектери аз да болсо оңолду, тамак-аштары жакшыра баштаганын байкап жатам. Мурункудай ач калып, кезерген балдар жок. Ошол эле маалда реформанын алкагында терс көрүнүштөргө жооп берген жетекчилерди, офицерлерди жазалоо күчөтүлсө, калгандарына сабак болот эле.

## Куралдуу күчтөр реформасынан майнап чыгабы?

Өлкөдө 2010-жылдагы бийлик алмашуудан кийин аскер реформасы жүргүзүлө баштаган. Анын алкагында Коргоо министрлиги жоюлуп, комитет болгон. Деген менен алты жылга аяк басса да көрүнүктүү иштер байкала электигин бийлик өзү да моюнга алып келет. Буга чейин президент Башкы штаб куралдуу күчтөр реформасын аягына чыгара электигин белгилеп, аскердеги тартип менен командирлердин жоопкерчилигин күчөтүүнү тапшырган. Ал эми алты саны аман уландарды аскерге алып кетип, ата-энесине сөөгүн тапшырган шалаакылык боюнча жоопко тартылган учурлар дээрлик жокко эсе. Тигил же бул жоокердин күтүүсүз өлүмү үчүн жоопкерчиликти аскер тармагы, же андагы кайсы бир жетекчилик өз мойнуна алган убак боло элек. Мекен алдында кызмат өтөп жүрүп дайынсыз жоголгон, капилет кырсыктан же курал-жаракты туура эмес колдонуудан, өз ара мушташтан, ур-токмоктон жана суициддeн мерт кетти деген жигиттердин өлүмү боюнча сот иштери айлап-жылдап созулуп, аягына чыкпай жаткандары да бир топ. Балдарынын сөөгүн алган ата-энелер арасында өз жанын кыйды деген расмий тыянакка ишенбей, чындык издеп жүргөндөр да аз эмес.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Окуучунун бурчу: дизайнер жана медиктин кеңеши

Мурун «жумуш бурчу» деген чоң адамдардын кесибине тиешелүү түшүнүк болгон. Учурда мектепте окуган окуучуга да өзүнчө бурч зарыл болуп калды. Анткени анын жашоосунун 11-12 жылынын натыйжалуулугу ушул чакан жерге байланыштуу

Ар бир адам өзүнө гана таандык жерге ээ болгусу келет. Балаңыз да анын гана окуму жүргөн жерге ээ болууну самайт. Бул аймакты ага ыңгайлуу, ошол эле убакта чакан, айрыкча, ден-соолугу үчүн зыянсыз болуу үчүн эмне кылса болот. Бул тууралуу дизайнер менен медиктер эмне дейт? Ушул маанилүү нерселер тууралуу сөз кылмакчыбыз.

Эмесе көбүбүз анча көңүл бурбаган, бирок эң негизги маселе болгон эмоционалдык маанайдан баштайлы. Окуучунун иш бурчу кандай маанайда болуусу керек жана ал эмоционалдык маанайды кантип түзсө болот?



## Жашыл түс жана анын түрлөрү

Жашыл түс окуучуну алсыратпайт жана анын бөлмөсүнө бейпилдик тартуулайт. Ошондуктан совет доорунда да мектепте жашыл түс үстөмдүк кылчу. Ал окуучулардын маанайын көтөрүп, балдардын жигердүү окуусуна шарт түзгөн. Ошондуктан окуучунун иш бурчу үчүн жашыл түс туура келет. Бирок аны ашкере колдонбой, башка түстөр менен аралаштыруу зарыл. Аша чабуу бир да ишке пайда алып келбейт.

## Сары түстүн түрлөрү

Сары түс да окуучунун бурчу үчүн эң ылайыктуу түстөрдөн. Медиктер сары түстү адамдын денесин гана эмес, акыл-эсин да эс алдырып, тазарта турган өң деп баалашат. Балаңызга дал ушундай маанай керек экени талашсыз. Бирок, дизайнерлер бардык нерсенин чымкый сары түскө боёодон алыс болууну сунуштайт. Айрыкча, аны бөлмөнүн дубал жана шып сыяктуу кеңири аянттарында колдонуу дурус эмес. Сары түс эмеректин бөлүктөрүндө жана майда-чүйдө кошумча нерселерде болсо жетиштүү деп эсептешет.



## Түс балаңызга жагабы?

Албетте, бул эки түс жана алардын түрлөрү менен гана чектелүү керек деген нерсе жок. Бөлмөнүн негизги түсүн тандап алуу адамдын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Аны балаңыз менен отуруп алып интернеттен карасаңыз балким экөөңүзгө бирдей жаккан түс табышыңыз мүмкүн. Бирок шашылбай, кесипкөйлөрдүн кеңешин да угуп койсоңуздар ашыкча болбойт. Окуучунун иш бурчунун негизги түсүн тандаган соң аны бөлмөнүн кайсы бурчуна жайгаштыруу керек деген маселеге өтсөк болот.





## Орун аныктоодо маанилүү маселелер

Баланын иш бурчун аныктоодо ал жерге табигый жарык түшүп туруусу эске алынчу эң негизги жагдай. Демек, балаңыздын оң же сологойлугуна жараша терезе оң же сол жагында болушу керек. Балаңыз иштеген үстөл терезенин капталына такай же андан анча алыс эмес болсо, эң жакшы болот. Эң негизгиси, жарык булагы балаңыздын жазып жаткан колунун ич жак капталында болуусу зарыл. Үйүңүздө эки окуучу болуп, эки иш бурч табуу мүмкүн болбосо, жарык экөөнө бирдей тийиш үчүн ал балдардын бет маңдайында болуусу зарыл. Ошондо табигий жарык экөөнө тең бирдей түшүп турат.



## Бөлмөнү тилкелештирүү

Эми баланын иш бурчун бөлмөнүн башка аянтынан бөлүп чыгууга өтөлү. Адистер муну тилкелештирүү дешет. Туура тилкелештирүү баланы бөлмөнүн башка жерлеринин «азгырыгынан» оолак кармайт. Психологдор иш бурчту бөлмөдөн үзүп, биротоло бөлүп салууга каршы. Биротоло «тумчуланган» жер баланын жан дүйнөсүнө таасир берип, анын ишмердүүлүгүн басаңдатып салат. Анын иш бурчун жеңил жыйыштырылчу көшөгө же тосмо менен бөлүп койсо эң туура болуп, бул пайдалуу обочолонуу баланын жигердүү окуусун шарттайт. Иш бурчун тилкелештирген соң, ага эмерек жана башка пайдалуу нерселерди жайгаштырууга өтөбүз. Муну гезитибиздин кийинки санына калтыралы. Көрүшкөнчө саламатта болуңуздар.

ДАЯРДАГАН: ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

# Ар бир чыгарманын өзөгү болуш керек

Адабият адептен келет демекчи, бүгүнкү күнү адебибиз адабиятыбыз менен кошо аянычтуу абалда турган учур. Ушундан улам бул маселеге аз да болсо көңүл бөлүп, "Арзуу", "Керемет дүйнө", "Чөө жана адам" жана башка көптөгөн чыгармалардын автору, КТРКнын отличниги Суусарбек Тыналиев менен адабият тууралуу маектештик

Бүгүнкү күнү мисалы, "Кумтөр" маселеси абдан талаш-тартыш жаратып атпайбы. Бир жылы "Кумтөргө алынып бараткан химикат көлгө төгүлүп кетти" деп чыгышпады беле. Ошонун таасири миңдеген кишиге тийип, рак оорусунан жабыр тартышкан. Ошол көрүнүштү «Арзуу» аттуу чыгармамда чагылдыргам. Мына ошол химикаттын натыйжасынан ооруга кабылган кыз шаарга келип, бир окумуштуюга жолугуп, экөөнүн ортосунда сүйүү сезими тутанып кетет.

Чыгармада мына ушул экөөнүн ортосундагы сүйүү чагылдырылат. Зыяндуу заттын экологияга тийген таасири, дүйнөлүк окумуштуулардын колдогону жана ушул сыяктуу негизги күрөштөр камтылган. Кумтөр окуясы аябай чоң маселе, канча депутат, канча министрдин арасында талаш-тартыш болуп, чечилбей эле келатат. Негизги маселе аны казбай эле кантип сактап калыш керек деген суроодо. Мисалы, ал жерде 10 миллиарддык иштетилбеген алтын турса, ошонун 50 пайызына инвестиция тартса, бизге 5 млрд. инвестиция келет. Ошол 5 млрддык инвестиция менен кыргыз элине завод, фабрика сыяктуу нерселерди куруп мамлекетти өнүктүрсө болмок. Аны казып, экологияны бузган менен канча адам андан жабыр тартып жатат. Ага канча чыгым кетет? Мына чыгармада жогоруда айтып өткөн окумуштуу ошол маселени көтөрүп чыгат. Андан кийинки аңгемелерде элдин турмушу чагылдырылган. Турмушту көркөмдөп чагылдырууда анын мааниси жаштарга тарбия бере тургандай кандайдыр бир философиялык ойлору болуш керек. Мындайча айтканда, адам чыгарманы окуганда таасир ала тургандай болушу керек.

### Жаштар узун аңгемелерди окушпайт

Мисалы, Расул Гамзатовдун чыгармасын алып көрөлү. "Менин Дагестаным" деген чыгармасын кыска эле берген, бирок учурунда укмуш дүңгүрөгөн. Анткени ал кыска болгону менен аябай таасирдүү чыгарма. Дүйнөлүк адабияттарда, мисалы үчүн, Жек Лондондун жана Драйзердин чыгармаларын алып карасак, романдын ичинде адамдардын кетирген катасы чындыкты, ак ниеттүүлүктү, деги эле адамдын ички дүйнөсүнүн бардыгын чагылдырып көрсөтүп берет. Аны окуп атканда өзүң аралашып жүргөндөй болосуң. Таланттуулуктун касиети да мына ушунда эмеспи. Алардын чыгармаларын окуганда баш каарман кетирген каталарды сен өз жашоондо кайталабашың керек. Андай болуш үчүн ал чыгарма сага таасирин тийгизиши керек. Негизи эле чыгарма деген нерсени адамдын күзгүсү десек болот. Анан окуганда да талдап окуш керек.

Мисалы, Ч.Айтматовдун "Жамилясын" карайлы. Бул чыгармада сүйүүнүн кереметтүүлүгүн, анын күчтүүлүгүн калем менен кагаз бетине төшөгөн. Кандай гана таасирдүү чыгарма. Бул чыгарманы да учурунда көп сындашкан, бирок баары бир дүйнөнү дүңгүрөткөн эки жаштын сүйүүсү ачык көрсөтүлгөн. Сүйүү жөнүндө дээрлик бардык жазуучулар жазып жүрүшөт. Негизи, сүйүүнү өзүң сүйгөндө билесиң деген чын. Сүйүп, сүйүүнүн башынан өткөрмөйүнчө так айтып берүү кыйын. Бүгүнкү күнү узун аңгеме жазбай, кыска-кыска аңгеме жазып калганымдын себеби – жаштар узун чыгармаларды көп окушпайт. Кыска болсо да таасирдүү кылып, философиялык ой менен берүүгө аракет кылгам.

### Технологиянын өнүгүүсү жаштарды адабияттан алыстатты

Жаштардын адабияттан алыстап кетиши да чоң көйгөйлөрдөн. Алар эмне үчүн окубай, адабиятка, негизи эле китеп дүйнөсүнө кызыкпай атышат? Мунун бир нече себептери бар. Биринчи фактору – илимий-техникалык прогресс өнүккөн. Интернет деген нерсе пайда болду. Интернеттен карап, баарын ошол жактан алса болот деген түшүнүккө таянып алышты. Ал эми интернетте жаманы да, жакшысы да бар, ылгабай эле окуй беришет. Мурун азыркыдай сыналгыны көп көрүшкөн эмес. Азыр алаксытуучу нерселер көп болгондуктан да китептер окулбай калууда. Мындан өспүрүмдүн психологиясы зыян тартат. Адам баласы оң жакка караганда терс жакка тез оойт экен. Ал эми Советтер Союзунда цензура деген нерсе болгон. Терс мааниде жазылган чыгармаларды бербей, жакшы нерселерди гана чыгаргандыктан бары тең жакшы тарбия алышкан. А бүгүнкү күндө жаман-жакшынын бардыгы аралашып кетти. Көбүнчө жаман жактарга ооп кетип аткан учурдабыз. Азыркы адабият менен мурунку адабияттын айрымасы бир топ. Жогоруда айтып өткөндөй, цензура деген нерсе жок. Мурда цензурадан өтүп иргелип, тазаланып чыкчу. Азыр болсо акчасы бар, чөнтөгү калыңдар эле чыгарып атышат.

Азыр китепканаларда китеп батпай турат. Баягыда китепканага барсам китептин түрү көп. Саны бар, сапаты жок китептер көбөйдү. Грузин жазуучусу Шота Руставелинин бир кезде Алыкул Осмонов которгон "Жолборс терисин жамынган баатыр" деген чыгармасы бүгүнкү күнгө чейин таасирин жоготпой келет. Азыр чыгармачыл, талантуу жазуучулар деле бар. Бирок алар шартына жараша жазалбай жатат. Мисалы, кээ бирөөнүн акчасы жок болуп калат дегендей. Эми бардыгын акча чечкен заманга кептелип калбадыкпы.

Кээ бирлер болсо эл китепке кызыкпагандан кийин «кереги эмне» деп жазбай коюп атышат. Мурун мамлекет электен өткөрүп, анан бекер чыгарып, китеп чыккандан кийин калем акы төлөп берчү да. Азыр болсо андай эмес. Ар ким өзүнүн чөнтөгүнө карайт. Мисалы, 60-жылдарда адабият аябай өнүккөн. Негизинен атайын адабий мектептерди же болбосо ийримдерди ачып жаштарды окутуп такшалтсак жакшы болмок. Мына ошондо гана салмактуу китептер чыкмак. Бирок ага көп каражат сарпталат. Негизи мамлекет тарабынан көңүл бурулуп, анан аракет кылынса жакшы натыйжасын бермек. Бирок муну демилгелеген адам жок. Адабиятка болгон кайдыгерлик деген ушул да.



### Китепти тандап окуу кажет

Мурун устат-шакирт деген түшүнүк болгон, жазуучулар бири-бирине үйрөтүшкөн. Китепти тандап окуганга аракет кылыш керек. Китеп десе эле окуй берсең дагы болбойт. Эгер жеңил-желпи китеп окуп алсаң ал кайра адамды терс ойлорго жетелеп, терс тарбия бериши мүмкүн. Негизи китептен пайда гана алыш керек. Эми азыркы чыгармалардын баардыгын жаман дегенге да болбойт, жакшылары да бар. Бирок жанагы эптемей китептердин арасына сиңип кетип атат.

Дагы бир маселе – китептердин кымбат болушу. Кээде китеп алганга акчаң жетпей калат. Мисалы, китеп дүкөнгө барсаң китептен башың айланат. Эптеп бирөөнү тандап алайын десең 500 сомдон жогору турат. Биз го алып окуйбуз. Ал эми студенттер үчүн бул чоң эле акча болуп калат. Ошол себептен уламбы же башка себептерденби жыйылып турган китепти окуган адам жок. Мурда 40 миң, 100 миң тираж менен чыкчу. Ошонун бардыгы элге текши тарап, таланып кетчү. Азыр андай нуска менен чыгарган киши жок. Аз санда чыкса деле окулбай калып атпайбы.

Негизи ар бир аңгемеде логика болуш керек. Ч.Айтматов айткандай биринчи өзөгүн тургузуп алыш керек. Китепти окуп бүткөндөн кийин данек ала тургандай болушу шарт. Адам баласы өзүнүн башынан өткөндү жазса аябай таасирдүү чыгарма жаралат. Кээ бирөөлөр чыгарманы окугандан кийин "Ушуну эмне үчүн мен жазган жокмун?" деп ойлойт экен. "Оңой эле нерсени жазып койгон турбайбы" дешет, бирок өзү жаза албайт. Анткени жазылган, даяр нерсени окуп анан ошондой ойго келет. Таланттын күчү ошондо, ар бир адам окуса кандайдыр бир таасир алат. Негизи чыгармачыл инсандар менен көп аралашсаң, чыгармачылыкка жакшы таасир берет. Алар менен чогуу жүрүп кандайдыр бир шык аласың. Ошон үчүн чөйрөнүн да таасири күч. Жалкоо жазуучулар дагы болот. Таланты бар, бирок аракети жок. Мына ошолорго шык берип туруш керек. Бирок азыр тилекке каршы, ар ким өзүн ойлогон заман болуп калбадыбы. Бири-бири менен иши жок заман...

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ





# Жапондор эмне үчүн кызматкерин мактабайт?

Жапон компанияларында кызматкерлерди көп макташпайт. Башка кызматкерлердин алдында кимдир бирөөнү мактоо, мактап жаткан жетекчинин да, макталып аткан кызматкердин да беделин түшүрүп коюшу мүмкүн

## Улуунун сындаганы - мактаганы

Дасторкондун башында отурган эркек адам «Жап оозуңду!» деп кыйкырды. Сөз тып токтоп, элдин баары дароо катасын түшүнгөн Кейко Сакураини карап калышты. Бул окуя көп жыл мурун болгон. Ал кезде Сакураи ири жапон фирмасында бухгалтердин жардамчысы болчу. Ага кыйкырган адам алардын кардары, энергетика компаниясынын 40 жаштагы топ-менеджери эле. Жапондун улуу, тажрыйбасы жогору адамды сыйлоо жана ага баш ийүү салты боюнча анын Кейкого кыйкырышуу туура деп бааланат.

Анын бухгалтерия жүргүзүү ыкмасын бардык жамаат чогуу отурган жумуштан кийинки отурушта сындай баштаган. Сакураи бардыгын туура кылып жатам деп актанганына болбой кардар наараазы боло берди. Аягында Сакураи баарын келишимге жараша кылып жетем деп жиберген. «Ошондо ал мага кыйкырып жиберди. Анткени мен улуунунун урматтоо салтын аттап улуу кишиге каяша сүйлөгөм. Меники туура болгону менен аны менен айтышууга укугум жок эле», – дейт Кейко. Сакураинин баарын туура кылганы жана кардар анын ишине ыраазы болгону эч кандай мааниге ээ эмес. Жапондордун салты боюнча мактоо мүмкүн эмес. Улуу кишинин сыны да, анын ишке көңүл буруп жатканын билгизип, ыраазылыгын чагылдырып турат. Жапон бизнесинин эрежелери батыштан гана эмес, жакынкы коңшуларыныкынан да өзгөчөлөнүп турат. Бул өлкөдө биринчи жолу иштеген жетекчилер алардын эрежелеринен нес болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан буга чейинки кызматкерлериңиз менен калыптандырган тажрыйбаңызды алысыраак жыйыштырып койгонуңуз жакшы болот.

## Фидобаккуга айланган feedback

Чет өлкөлөрдө иштеген менеджерлерди даярдоо боюна адис, «Protocol and Etiquette Worldwide» компаниясынын жетекчиси Шрон Швейцер тиешелүү адаттын жоктугунан улам жапон тилинде батыш менеджментиндеги «каршылаш байланыш» деген түшүнүк жок болчу деп түшүндүрөт. Ошондуктан «жорум», «эскертме» деп которулуп, жетекчинин ишин баалоо түшүнүгүн берген «feedback» сөзү «фидобакку» деп жапон сөздүгүнө киргизилген. Сөз пайда болгону менен башкарууну баалап, аны сындоо тажрыйбасы турмушка аша элек. «Эгер жапон жетекчиси унчукпаса, демек, сиз бардык нерсени туура кылып атасыз. Ал долбоор кандай кетип атканы тууралуу кабар берсин десе, демек, ыраазы эмес», – дейт Швейцер.

Адатта жапон менеджерлери «Иш кандай кетип атат?» деп сурашпайт, себеби кол алдындагылар дайыма эсепчот берип турушат. Жапондор бул адатты «баяндоо», «тактоо» жана «кеңешүү» деген түшүнүктөрдү камтыган «хоренсо» деген сөз менен билдиришет. Ал кол алдыдагы адамдын жетекчисине шытыратып жазган электрондук каттар формасында болот. Кызматкер керели-кечке түштөнүүгө качан бараарын, долбоордун канча пайызы бүткөндүгүн, кофесин качан ичүүгө чыгаарын жаза берет.

Чет өлкөлүк менеджер жумушчусу долбоордун 32%ын бүткөндүгү үчүн макташ керек деп ойлошу мүмкүн. «Оюңузга да келбесин! – деп эскертет Швейцер – Эгер сиз кызматкерге анын жакшы иштегени тууралуу айтсаңыз, экөөңүздүн тең беделиңиз түшүп кетет. Жөн эле «рахмат» деп жазыңыз же болбосо эч нерсе деп жазбай койсоңуз да жакшыраак болот».

## Алдын-ала ойлонуу

Чет жактык менеджер кызматкерлердин натыйжалуулугун текшерүү үчүн жылдык аттестация кылуу эң жакшы деген чечимге келиши мүмкүн. Бирок жапон адатында иштин натыйжасын талкуулоо үчүн босс менен жалгыз отуруу адатка кирбейт дейт Жапонияда туулуп-өскөн жана компанияда психикалык маанайды жакшыртуу боюнча адистешкен «AnyPerk» стартапынын жетекчиси Таро Фукуяма. Эгер сиз ушул максатта жумушчуну кабинетиңизге чакырсаңыз ал дүрбөлөңгө түшөт. Анын ордуна сиз кызматкериңизди чай ичүүгө чакырганыңыз жакшы. Жапонияда «ичүү» жана «жолугуу» сөздөрүн бириктирген «номикай» деген түшүнүк бар. Ал боюнча жетекчи менен кызматкер кеч киргенге чейин шашпай отуруп алышып, биздин тил менен айтканда «аш жейт». Анда да сөз кетирилген ката жана кемчиликтер тууралуу болот. Мындай болуусунун себеби адамдын өмүр бою бир жумушта иштегенине байланыштуу дейт Фукуяма. Кызматкердин карьерасы бир фирмага байланыштуу болгондуктан мындай жолугушуулардын максаты – кызматта жогорулоо. Анын эң жакшы жолу албетте, менменсинүүдөн алыс болуу жана ката кетирбөө. «Ката кетирбөөнүн эң жакшы ыкмасы бул күмөн нерселерден алыс болуу. Ошондуктан кызматкерлердин көбү жетекчи айткан нерседен башка эч нерсе кылбайт. Балким бул туура эместир, бирок бул жалпы эреже аркылуу сиз жапон маданиятына тез көнүп кете аласыз», – дейт Фукуяма.

## Чокчоюп көрүнүп калбоо

Жогорудагы адаттарга көнө албаган чет жакалык менеджерлер жамаатка сиңе албайт. Жим Уиттл муну өз башынан өткөргөн. Ал «McVities Digestive Biscuits» жапон фирмасынын филиалын жетектеп турган кезинде кызматкер кыздын бири келип, өндүрүмдүн үлгүлөрүн метродо таратып берүүнү сунуштаган. Бул ыкма аркылуу фирма чыгарган товар менен миңдеген адамдар таанышып, компаниянын сатышы дароо жогорулап кеткен. Натыйжада Уиттл айымды анын сонун сунушу үчүн мактап койгусу келген. Ал бөлүмдүн кызматкерлеринин баары отурган бөлмөгө келип, тигил кыз адаттагы жарнамалоонун чегинен чыгып, текейге арзыбаган арзандатуу купондору менен плакат таратуу боюнча кандай сонун сунуш киргизгендиги жана анын арты менен кандай жакшы натыйжаларга жеткендиги тууралуу балп эткизген. Жимдин мындай демилгесинен жакшы эч нерсе чыккан жок. Бул мактоого кулак салышты. Албетте, кыз буга татыктуу эле. Бирок Уиттл аны жамааттан артыкчаланты, кесиптештери ишене албаган, өз көмөчүнө күл тарткан адамдын тамгасын уруп салган. «Жапонияда ийгиликтүү иштеш үчүн эрежени ташка тамга баскандай жатташ керек. Эгер сиз аларды билбесеңиз командаңыз сизге ишене албайт. Бул жерде башка мамлекеттегидей сизди мурунку жетишкендиктериңизге карап баалашпайт. Сиз ишенимге татыктуу экениңизди иш жүзүндө далилдешиңиз керек», – дейт Уиттл.

Учурда Жим Уиттл жеткчилик орунга адам тандаган «RSR Partners» компаниясынын Токиодогу өкүлчүлүгүндө иштейт. Ал Жапонияга иштегенге келген чет элдик менеджерлерди даярдоо менен алек.

## «Болот»

Маегибиздин башында сөз кылган Кейко Сакураи учурда Сан-Франциско менен Токиого барып келип иштейт. Ал «Aperian Global» компаниясынын ага консультанты. Ал чет элдик жетекчилерди Жапонияда иштегенге үйрөтөт жана ошол эле убакта жапон менеджерлерин башка мамлекеттердин бизнес маданияты менен тааныштырат. Жапониядагы семинарларда ал кол алдындагы кызматкерлердин иши тууралуу жакшы ойлорду кагазга жазып келгиле деген үй тапшырма берет. «Жапон жетекчиси бул тапшырманы аткара албай аябай кыйналат. Эң жакшы дегенде алар «жаман эмес», «болот» сыяктуу беш-алты сөздү араң ойлоп табышат. Бирок барган сайын жаш кызматкерлер жетекчилигинин жумушту жакшы аткарганын көрүп, жылуу сөз айтып койгонуна абдан ыраазы болушат. Жай болсо да Жапония өзгөрүп келе жатат. Кээ бир компаниянын жетекчилиги кол алдындагылар менен сүйлөшүп, кызматташканга аракет кылышат. Өлкөгө жаңы келген чет элдик менеджерлер «фидобакку» кылып көргөнгө аракеттенсе болот. «Бирок сиз ары-бери басып, баарына «Азаматсыңар балдар, сонун иш кылдыңар!» дей берсеңиз, кызматкерлериңиз бир нерсе терс кетип жатабы деп шекшине башташат. Алар «Мен өз кызматымды аткарып жатканымдын эмнеси сонун? Мен аны баары бир кылышым керек эмеспи?» деп ойлошот», – деген эскертүү берет Сакураи. Мунун ордуна кызматкерлериңиз мактооңузга ыраазы болуп жаткандыгын баамдаганга аракет кылганыңыз жакшы. Ошого жараша мамиле кылыңыз. Балким башка бардык мамлекеттердей эле бир-эки алкыш сөз алар зар болуп жаткан нерсе болушу мүмкүн дейт Кейко айым.

ЭРИК БАРТОН, BBC Capital



# Баш мыйзамды өзгөртүү аракети кандай максатты көздөйт?

**Кыргызстанда Баш мыйзамды өзгөртүүгө каршы күчтөр элдик кыймыл түздү. "Референдумга - жок!" деп аталган кыймылдын максаты бийликти Баш мыйзамды өзгөртүүдөн баш тартууга чакырууга багытталган. Парламенттеги беш фракция менен бийлик Конституцияны өзгөртүүгө олуттуу кадам шилтеп бараткан чакта алардын аракетинин акыбети кайтабы?**

### Элдик кыймыл бийликти артка кайтарууга умтулууда

13–сентябрда түзүлгөн элдик кыймыл Баш мыйзамды өзгөртүүгө каршы чыккан кыймыл саясатчылардын, оппозициялык, улуттук патриоттук күчтөр, жарандык коом жана жаштар кыймылдарынын өкүлдөрүнүн башын кошту. Жаңы түзүлгөн кыймыл 8–октябрда элдик курултайга чогулмакчы. Анын курамына "Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев, саясатчылар Адахан Мадумаров, Азимбек Бекназаров, Бегалы Наргозуев, Элмира Ибраимова, Өмүрбек Субаналиев, журналист Замира Сыдыкова, укук коргоочу Рита Карасартова, коомдук ишмер Кадыр Кошалиев жана жаш активист Мавлян Аскарбеков сыяктуу адамдар кирди. Ошондой эле Эдил Байсалов, Клара Сооронкулова, Болот Шер, Чынара Жакыпова да элдик кыймылга мүчө болушту. Аталган кыймылдын мүчөлөрүнүн бири, оппозициялык саясатчы Равшан Жээнбековдун маалыматына караганда, 8–октябрда Баш мыйзамды өзгөртүүгө каршы элдик курултай чакырылат. Анда бийликке Конституцияны өзгөртүүнү четке кагуу талабы коюлат:

– Биз бийлик сунуштаган өзгөртүүлөр менен макул эмеспиз. Баш мыйзам өзгөрбөшү керек. Андан көрө, бийлик мамлекеттеги социалдык, экономикалык кризисти чечсин. Баш мыйзамды өзгөрткөндөн көрө элдин кыйынчылыктарын чечкенге аракеттенбейби. Баш мыйзамды өзгөртүү менен президент жана анын жанындагылар бийликти кармап калууну мерчемдеп жатат.

Ошол эле маалда бийлик олуттуу каршылыктарга карабай, референдум өткөрө турган өңдөнүп калды. Равшан Жээнбеков Конституция маселеси жалпы элдик добушка октябрдын аягында же ноябрдын орто ченинде коюлушу ыктымал деп боолголойт. Анын баамында, бийлик суук түшүп калганда эл арасында наразылык анчейин боло бербейт деген саясат жүргүзүүдө. Оппозиция өкүлдөрү талкуу же курултай уюштурганда эле маселе чечилип, бийлик өз оюнан кайтпай турганын моюнга алышат. Бирок азыркы бийлик Акаев, Бакиевдин учурундагыдай күчкө салып, коркутуп–үркүтүп Конституцияга өзгөртүү киргизип алса, анын акыры жакшылык менен бүтпөй турганын эске салуу абзелдигин айтып жатышат.

### Коомдук талкуу болдубу?

Өткөн апта соңунда Конституция боюнча эки жума мурун узартылган коомдук талкуунун мөөнөтү аяктады. Анткен менен Баш мыйзамды өзгөртүүгө каршы чыккан оппозиция жана жарандык активисттер бул маселе коомдо кеңири талкууланган жок деп сындап чыгышты. Укук коргоочу Гүлгаакы Мамасалиева коомдук талкуу учурунда Баш мыйзамга эмес, 3–8–сентябрдагы Көчмөндөр оюндарына көп көңүл бурулганын айтууда:

–Талкуу калың катмар арасында жүргүзүлгөн жок деп айтсак болот. Маалымат терең жеткен жок. Ага караганда Көчмөндөр оюндары боюнча көп маалымат алдык. Талкуунун өзү жайкы убакытка коюлганынан элге түшүндүрүп бере турган депутат, аткаминерлер эс алууда жүрүштү. Эл балдарын окууга даярдап, чөп чабык, жыйым–терим менен алек болуп калды.

### Баш мыйзам маселесин жакын арада парламент карайт

Азырынча Жогорку Кеңеш Конституцияга сунушталган өзгөртүүлөрдү талкуулай элек. Жайкы эс алуудан келген биринчи күндө эле Көчмөндөр оюндарын жана Курман айтка шылтоолоп кайрадан он эки күнгө дем алышка тараган парламенттин жалпы жыйыны 14–сентябрда гана башталды. Депутат Кожобек Рыспаевдин сунушу көпчүлүк депутаттан колдоо тапканы расмий түрдө башка нерсеге негизделгени менен муну Баш мыйзамга байланыштуу Жогорку Кеңештеги эл бүйүрүн кызыткан талкуулардан качуу жана "ата мекенчилер" трибунаны ээлеп алат деген кооптонуулар менен байланыштыргандар жок эмес. "Ата–Журт" партиясынын лидерлеринин бири Нурлан Шакиев дал ушундай пикирди карманып, референдум, кыргыз–өзбек чек арасы сыяктуу оор көйгөйлөр ортого салына турган маалда эч нерсе болбогондой эс алууга чыгып кеткен парламент тарашы керектигин айтты.

Коомдогу каршылыктарга карабай бийлик Баш мыйзам өзгөрүүгө тийиш экенин кайталап, Баш мыйзамды талкуулоого жетиштүү убакыт берилгенин айтышууда. Сунушталган өзгөртүүлөр парламенттин кароосуна кийинки аптада же эки жумадан кийин коюлушу мүмкүн. КСДП фракциясынын лидери, депутат Иса Өмүркулов муну өзгөртүүлөрдүн үстүнөн тилчилер жана юристтерден турган эки эксперттик топтун иши уланып жатканы менен түшүндүрдү:

– Баш мыйзамдын кыргыз тилиндегиси менен орусча котормосунун ортосунда катачылыктар бар болчу. Эки тилде тең так болушу үчүн эксперттер иштеп жатышат.

### А.Аскаров жакшы шылтоо

Өмүркуловдун айтымында, Баш мыйзамга өзгөртүү киргизүү боюнча коомдук талкуу эми узартылбайт. А бирок оппозициянын байма–бай чакырыгы аз да болсо бийликти сестенткени көрүнүп турат. Буга бийлик Конституцияны өзгөртүү боюнча долбоордун биринчи сунушталган вариантынан баш тартып, бир катар беренелерди өзгөрткөнү күбө. Өкмөт башчынын укуктарын кеңейтүү боюнча бир катар демилгелер аз да болсо кыскартылган. Ал тапта эксперттер премьер–министрдин ыйгарым укуктары кеңейтилип, келерки жылы президенттиктен кеткенден кийин Алмазбек Атамбаев бул кызматка келет деп жоромолдоп жатышат.

Президент болсо Конституцияны өзгөртүү бүгүнкү күнү зарыл экенин, анткени мурунку бийликтин, авторитардык режимдин келишине каршы туруу зарылдыгын тынымсыз эле айтып жүрөт. Ошондой эле "премьер–министр кызматына отуруу ниетим жок, эмдиги жылы бийликти өткөрүп берем" деген убадасы да бар. Ал мындан мурда БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин өзбек тектүү укук коргоочу Азимжан Аскаров боюнча Жогорку Сот чечимин жокко чыгарганы Конституцияны өзгөртүү чечимине өбөлгө болду деген жүйө келтирген.

### Президент Конституцияга карап түздөнсүн

Кыргызстан эгемендик алгандан бери Баш мыйзам сегиз жолу референдум аркылуу өзгөрдү. Алты жыл мурун бийлик оошкондо аны 2020–жылга чейин алмаштырууга мораторий киргизилген. 2020–жылдын 1–сентябрынан кийин гана бул мораторий алынмак. Ал арада коомчулукта Баш мыйзамды коргоого чакырык ташталууда. Конституция "кол жоолукка" айланып кетсе, мамлекетте туруктуулук болбойт деген көз карашты карманган экономист, публицист Сапар Орозбаков:

– Болор–болбос нерсе үчүн Конституцияны өзгөртө берсек, анда анын баркы болбойт. Конституция стабилдүү болбосо, өлкө да стабилдүү болбойт. Кокус Атамбаев өзү айткандай, президенттикке барбай турган болсо, андан кийин келген президент да аны өзгөртүп алуу ыктымалы өтө жогору. Өлкөдө бардык бийлик бир колго мыйзамсыз топтолгон. Эмки келген президент кийин жооп берип калбайын деп аны мыйзамдаштырып алгысы келиши мүмкүн. Качанкыга чейин президенттерди Конституциянын талаптарына баш ийе турган кылбай, Конституцияны президенттердин көңүлүнө карап өзгөртүп жүрө беребиз. Анда Конституциянын эмне кереги бар? – деген пикирин айтты.

Президенттик шайлоого аз убакыт калганда азыркы бийликтин бул маселени кайра козгошуна байланыштуу талаштарга чекит коюла элек. Бийлик өз демилгесин авторитардык башкарууга жол бербөө максаты катары көрсөтүүгө умтулуп жатканы менен өзгөртүүлөргө оппозициялык күчтөр, жарандык коомдон тышкары кезинде президент Алмазбек Атамбаев менен санаалаш болгон Убактылуу өкмөттүн бир катар мүчөлөрү да каршы чыгып, бул аракет бийликти узурпациялай турганын билдирип жатышат. Ошентип, оппозициялык күчтөр Баш мыйзамды өзгөртүү демилгесине каршы курултай өткөрүүгө даярдык көрүп, президент жана анын айланасындагылар, бийликтеги партиялар референдум өтүүгө тийиш деп көшөргөн бойдон турушат. Тараптардын кайчы пикирлеринен улам саясий тирешүү күч алып, кызгү жүрүштөр кызуу болчудай.

ДАРЫЯ МУРАТ КЫЗЫ

# Фейсбуктагы учкул түрмөктөр

Бул апта Курман айтка туура келгени менен, фейсбукчулардын көңүл чордонунда баягы эле референдум турду. Айтмакчы, буга деле карапайым калк эмес, бийликтин өзү себепкер болгондой. Анткени, керек болсо так ошол майрамдык куттуктоого барып алып саясатты сүйлөгөндөр болгон экен. Эмесе, ушул жана ушул сыяктуу пикирлерге назарыңарды бурсак...



## Айтты менчиктеген аким

**Аты жок жорумчу:**

Динди дагы сасык саясатка айландырып жиберишти. Жыл сайын «Элим Барсыңбы» жана «Адеп Башаты» коомдук бирикмеси уюштурган Курман айтка катышып, жети адам биригип бир кара мал сойдурабыз. Республика боюнча жүздөгөн бодо мал союлуп, эти карылар үйүнө, балдар үйүнө таратылат. Бул жерде эч кандай саясат жок, тек кана соопчулук. Бүгүн чакан митингде соопчулук жөнүндө сөз болуп, кийинки сөздү Жумакадыр Акенеевге бердик эле, ал киши ошол трибунадан пайдаланып «Свердлов райондук акимчилик уюштуруп жаткан маареке» деп балп эттирип салса боло. Ошол жердеги баардыгы «Свердлов акимчилигин кандай тиешеси бар?» деп түшүнүксүз акыбалда калышты. Кошоматтын дагы чеги болушу керек. Чын ниеттен, таза ой менен жасалып жаткан сооп ишке дагы «автор» боло калышты. Уят, намыс дегенди билбеген, сүйлөй берсе боло берет экен деген заманга туш келдик. Кудайдын улуу күнүндө баарыңарды КУРМАН АЙТ майрамыңар менен куттуктайм. Үйүңөрдө бакыт-таалай, бала-чакаңар менен ден-соолукта, бөөдө кырсыктан тышкары болгула, жүрөгүңөр ыйманга толсун.

## «Одноразовыйлар»

**Тынчтыкбек Атбашингтони:**

"Таз таранганча, той таркайт" болуп, коомчулук ойгонуп, Конституциядагы катылган "сырларды" түшүнгөнчө, оппозициябыз дегендер бир муштумга бириккенче, бийлик оперативдүү түрдө референдумду өткөрүп жибере турган болуп калды. Анткени, "коомдук талкуу" аягына чыкты, ДКОнун фонунда убакыт желдей учуп, Конституцияны эл тургай эксперттер талкуулаганга үлгүргөн жок. Эми бул документ Жогорку Кеңешке кирди дегенче бүттү, баягы Сооронбай Жээнбековду эки саатта премьер шайлагандай "тайфун" операциясы орун алат. Жалгыз "Ата мекен" эмне кыла алмак?! Калган партиядагылардын ар бир депутатын оногу жактагы рулда отургандар бирден тизмеге киргизишкен, карап көрүп, бизнеси барларды, былыктары барларды киргизип коюшкан. Аларга бир коңгуроо жетиштүү, "ляппай" деп колдоп беришет... Ошону менен жаңы Конституциялуу, эскиче бийликтүү болобуз, а референдумду колдоп бергендерди эртең эле бийлик чекесинен терип, отоо чөптү жулгандай жулуп-жулуп ыргытышат. Анткени, алардын "төөсү кыядан аман-эсен өтүп кеткен" болот, буларды бир жолу пайдаланды бүттү, экичинчи жолкуга жарабайт!!!

## Элибиз ак көңүл

**Бейшенбек Бекешов:**

Элден айланса болот. Айрыкча, кыргыздай кең пейил, ишенчээк, ичинде кыпындай кири жок аруу эл жок да дүйнөдө. Мына ушул элдик пикирдин кайсы бир деңгээлдеги чагылышы интернеттин Фейсбугу болду азыр. Ажонун акыркы мезгилдеги демилгелерин, айрыкча Конституцияны өзгөртүү боюнча иштерин, өзгөчө Эгемендүүлүк күнүндө сүйлөгөн сөзүн жерден алып көргө, көрдөн алып сууга салган эле эл. Интернетке атайын олтургузулган, пикирлердин миндин бирин араң түзгөн дужурлөрдү эсептебегенде ыпымдай жакшы пикир көргөн жокпуз. Анан бир күнү эле Көчмөндөр оюндары башталып, андагы ажонун сүйлөгөн сөзүн баягы элдин бири калбай мактап киришпеспи. Бири калбай! Жашасын биздин ажо! - дегенге чейинки ураандарды жар салып чыгышты. Мен ал сөздү ТВдан көрбөй калгам. Интернетке эч ким салган жок. Эмне деп сүйлөгөнүн ошол бойдон билбей калдым. Бирок элдин бирине калбай жакканын бөркүмдөй эле билдим.

Муну эмне үчүн айтып жатам? Себеби бул Конституцияны Атамбаевдин бийлиги учурунда өзгөртүү иши чатакка кетип баратат. Биздин эл дагы бир чатакты көтөрө албайт. Анын үстүнө кошуна-колоң, алыш-бериш кылып келген өлкөлөр да тынч эмес. Ошондуктан, чатак чыгарар, элди бөлүп-жарар ишти жасабай койгондон өтөөрү жок. Ажо ал идеядан баш тартканын жарыя кылып чыкса эле, кайран кыргыз кайра эле аны башына көтөрүп кетет. Душманы жок эл башыга айланып, мөөнөтү бүткөндөн кийин да жүзү жарык болот. Башкалар да башкарып көрсүн. Кыргызга менден жакшы, менден ак ниет эл башыны Кудай берген эмес деп текеберлик, кесирлик кылбайлы. Андан көрө өзүнөн кийинки жаман чыгып калса, ошондо кайра келүүгө жол тазалаган туурадыр. Демократия дегенди өлкөнүн басаар жана өнүгөөр жолу катары кабыл алган соң ошонун оюну менен ойнойлу деген гана ой.

## Хазрети Шумахердин заманы

А бул болсо канчадан бери эл ичин уу-дуу кылып, көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан көчмөндөр оюнунан бир көрүнүш. Айтылуу журналист Семетей Талас уулу ошол кездеги бир нерсени көркөмдөп келип ачуу чындыкты чыңырта берип отургандагысы...

**Семетей Талас уулу:**

Саал-паал энтиге, казысын каптап бара жаткан курсагын төштөгү гөштөрүнө жыйра тартып, караламанга ошону менен салабаттуу көрүнгүсү келип, а берки четтеги жаш балдарга каардуу кримавторитеттин рисовкасын жасагансып биздин каарман тепкичтен чыгып келе жатты. Айланасынын баары эле кол сунушат жабалактап, буржуйган мойнун бүгүмүш этип, кичине калк көзүнө ийилимиш эте учураша калып атты кайран эр. Бирок анысын унута салып, кечээги Ормон ханча үстүртөдөн, көзүнүн кыйыгы менен таноосун көтөрө карап коёт. Бала сөөлөт күткөн экен, дөөлөт күткөн экен. Ана арыда отурган дужур чалдар "О-у Шумахер Атамбаевич биз менен учураша кетсеңиз. Башвазирдин колун кармасак бир жума кол жуубастырбыз, ов!" деп чурулдап жиберишти. "Аксакалдар антпеңиздер" деп көңүл учу айткан менен мактоо дилине жакты... Орундукка отуруп атчабыш көрө баштады. Ортодо отурган оо качанкы советтин тыңчыкмасы табарсыгы толуп, "Мен ажаатканага барып келейинчи" деп тура жөнөдү. Кантсе да карылык деген ушу... Орун кенендей түштү. Башбазир эки орундукка бир отуруп, алаканын шак койду, жанындагы Сүмбүлдүн бири бопорос менен бепельницасын бере салды. Кымбат тамекиден кере соро, өзгөчө деңкейүү менен түтүнүн чыгарды, кудум колумбиялык наркобарондор стилинде.

Бу дүйнөнүн болгон байлык-бийлигин кумарлана соргондой.



Баягы советтик актип аксакал келди, тиги күржүгүй моюндун турайын деген оюу жок. Бир бурулуп карап, тамекисин дагы бир жолу ырахаттана чекти сен ким элең деген зор дымак менен. Ал качанкы актип эмей, азыркынын Акүй, Көкүй билермандары колуна суу куюуга очуретке туруп атышса. Бул ким болуп калыптыр? Ким бүгүн Шумахер Атамбаевичтин мышыгын "пыш" дей алмак эле... Сайраны, кайраны жүрүп, ити чөп жеп, өкчөгөн чүкөсү айкүр-таасынан түшүп атса. Однако десең, таңгөрү...

Бүгүн кимдин кимдин заманы, Шумахердин заманы да! Хай ата!

## Дүкөн кимдики, куту ошонуку?

Фейсбукта ушулардан өзгөчөлөнгөн, бирок канчадан бери көпчүлүктүн көңүлүн ооруткан келген бир маселе бар. Муну айтылуу «Элим барсыңбы» коомдук кайрымдуулук фондунун жетекчиси Хабибулла Арзыкулов бир кыйгап өткөндөй болду. Бул жерде көтөрүлгөн маселе ушул фонддун садага кутуларына эле таандык болгону менен, араң турган көз эле агып кетти өзү эле демекчи, аталган дүкөндөргө наараза болгондор чекеден табылат...

««Народный», «Глобус», «Боорсок» супермаркеттеринин ээси бир кишиби? Башка орус туугандардын кайрымдуулук кутучаларына уруксат беришкен, жергиликтүү фонддорго уруксат жок экен. Эмнеге билбей койдук? Болбосо соодасы биздин Кыргызстан жарандары (көпчүлүгү кыргыздар) жасашат го... Ошол себептен «Фрунзе», «Vefa», «Beta» маркеттеринен соода кылып калдык.»

# Жакшылыктын баасы. Мээримдүүлүк

Нью-Йорктук мугалимдерден бири класста сабагынан жетишпеген окуучулардын да башкалардан өзгөчө сапаты бар экенин көргөзүп, аларды кубаттап коюуну чечти. Ошентип ар бир окуучусун класс тактасынын алдына чыгарды. Алгач ар бирин жалпы классташтары үчүн жана жеке өзү үчүн эмнеси менен өзгөчө экенин түшүндүрдү. Андан кийин ар биринин жакасына «Сиз өтө өзгөчөсүз» деген жазуусу бар медал такты.

Бул ишинин жыйынтыгы кандай болорун байкоо максатында окуучулары менен изилдөө жүргүзүп көрмөй болот. Ал жанагыдай медалдардан ар бир окуучусуна 3төн берип, өзү жасаган ишти сырттагы адамдарга улантып көрүүсүн өтүнөт. Балдар кимдир бирөөнү кубаттап, медалдарын бергенден кийин жыйынтыгы кандай болгонун жана ал киши бул эстафетаны андан ары кимге улантканы тууралуу жума сайын мугалимге маалымат берип турмай болушту.

Окуучулардын бири келечекте өзү иштей турган фирманын бөлүм башчысына жолугуп, анын өзгөчө адам экенин айтып, жакшы жактарын санап берди да, колундагы медалдын бирөөнү күрмөсүнүн жакасына такты. Андан кийин 2 медалды колуна карматып туруп: «Биз классыбыз менен иликтөө жүргүзүп аттык эле. Өзүңүз каалаган адамга өзгөчөлүгүн айтып, кубаттаңыз дагы, калган медалды да берип коюңуз. Ал өзү медалды каалаган бирөөгө тапшырып эстафетаны улантсын. Болгону мага жыйынтыгын айтып койсоңуз болду», – дейт.

Ошол эле күнү бөлүм башчы колундагы медалдарды тапшырчу адамын тапты. Бул өзүнүн каардуу жүрүш-турушу менен белгилүү болгон фирманын башкаруучусу эле. Ал түз эле башкаруучунун бөлмөсүнө кирип, жетекчисинин өзгөчө адам экенин баса белгилеп, колундагы медалдардын бирөөсүн жакасына тагып коюну суранды. Күтпөгөн жерден ушунча жылуу сөз укканына жетине албай калган башкаруучу эч кандай каршылыксыз макулдугун берди. Бөлүм башчы ага медалын таккандан кийин колунда калган бир медалын берип жатып: «Сизде бир өтүнүчүм бар эле. Ушул медалды өзүңүз туура көргөн адамга тапшырып туруп, кийин мага жыйынтыгын айтып койсоңуз. Буларды мага берген бала классында иликтөө жүргүзүп жаткан экен. Муну менен алар шыктандыруу адамдарга кандай таасир бере тургандыгын изилдеп жатышыптыр» деп өтүндү.

Ошол күнү башкаруучу үйүнө келип жогорку класста окуган уулунун бөлмөсүнө баш багып:

– Уулум, бүгүн өтө таң калычтуу окуя болду. Бөлмөмдө отургам. Бир маалда эле бөлүм башчылардан бирөө кирип мени менен сыймыктана турганын, жумуштагы багынткан ийгиликтерим үчүн көкүрөгүмө мобу медалды такты… Элестетсең… Көрсө, ал мени өтө өзгөчө адам деп эсептейт экен… Анан мага дагы бир медал берип туруп, муну өзүңүз каалаган бирөөнө тапшырыңыз деди. Ошондон баштап мындай медалга мен тааныгандардан ким татыктуу деп кечке ойлондум. Ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, сени тандадым… Мен үчүн эң өзгөчө адам – сенсиң. Ойлоп көрсөм жумуштан такыр колум бошобойт. Сага да кыйратып көңүл бура албадым. Кээде сабагыңды аткарбай койсоң, же мен айткан иштерди убагында жасабай койсоң катуу кыйкырып жиберем…Сени жакшы уул болсо экен деп тилейм. Ошон үчүн бүгүн сени менен чогуу отуруп, мен үчүн канчалык өзгөчө адам экениңди айткым келди. Силер апаң экөөң менин жашоомдогу эң кымбат адамдарсыңар. Сен эң жакшы, эң мыкты баласың, уулум. Мен сени аябай жакшы көрөм! – деди.

Баятан бери оозу ачылып, алайып отурган баласы бир маалда ыйлап жиберсе болобу… Көз жашы салаа-салаа болуп агып, солкулдап:…

– Ата! – деди ал бир маалда араң сүйлөп. Атаке, мен ушунтип жашагандан көрө эртең асынып өлөйүн деп атакам… Мени эч ким жакшы көрбөйт деп ойлочумун… Өзүмдү эч кимге керегим жоктой сезчүмүн.. Ата, көрсө мени жакшы көргөн бирөө бар турбайбы… Атаке, бүгүн… азыр ушуну мага айтпаганыңызда мени экинчи көрбөйт болчусуз…

Мына, окурман! Сизден дагы жылуу сөз уккусу келип, жакындыгыңызды билгиси келип жүргөн адамдардын бар экенин эч качан унутпаңыз…

# Эненин батасы

Азирети Муса (а.с.) бир күнү дуба кылып отуруп «Оо Жараткан! Жаннатта мага кошуна боло турган адам тууралуу билгим келет» деп суранды. Жараткан ага дароо жооп кылып баланча шаардагы, баландай даректеги касапчы сенин жаннаттагы кошунаң болот деди.

Азирети Муса дароо үйүнөн чыгып айтылган жерге барып баягы касапчыны тапты да, сыр билгизбей байкоого алды. Кечке маал касапчы куржунуна кичинекей эт салып алып дүкөнүн бекитип үйүн карай жөнөдү. Так ошол маалда азирети Муса аны менен учурашып, «үйүңө конуп кетейинчи» деп өтүндү. Касапчы эч ойлонбой туруп макулдугун билдирди. Экөө үйгө киргенден кийин үй ээси куржунундагы баягыл этти алып чыгып жакшылап тамак жасады. Андан кийин тээ үйдүн төрүндө, шыпта илинип турган чоң себетти жерге түшүрдү. Себеттин ичинде өтө карыган, арык кемпир жатыптыр. Касапчы аны жаңы эле жасаган тамагы менен тойгузуп, үстү-башын тазалап, жуууркан-төшөгүн оңдоп туруп кайра шыпка илээринде кемпир ага бир нерсе деп шыбырагандай болду. Берки аны укту да башын чайкап күлүп койду.

Мына ушунун баарын бүтүргөндөн кийин үй ээси азирети Мусага келип, аны коноктой баштады. Жанатан бери таң калып отурган пайгамбар иштин чоо-жайын сурай баштады.

– Тигил аял ким?

– Ал менин энем. Аябай карып калганынан ушинтип багып жүрөм.

– А, ошондойбу? Баса, жана сен аны тойгузуп, үстү-башын тазалап берип кайра ордуна жаткырып атканыңда сага бир нерсе деп шыбырады го. Ошондо эмне деди?

Касапчы башын чайкап дагы бир күлдү да:

– Жарыктык апам байкуш аябай карып калды окшойт. Дайыма мага «Жаннатта Мусанын кошунасы бол!» деп бата берет, күлкүнү келтирип, – деп жооп кайтарды.

Азирети Муса аны угуп ордунан тура калды да:

– Кут болсун сага, бир боорум! Кут болсун! Мына ошол Муса пайгамбар менмин. Сен болсо бейиште мага кошуна боло турган адамсың, – деп кучагын жайды.





# Кытай математика окутуу боюнча дүйнөдө 1-орунда

Кытайга окууга жол ачылган алгачкы жылдарда кыргыз балдар бири-бири менен кабарлашып иштегенге, бизнес ачканга жардамдашып жүрүштү. Шанхайда, Пекинде, Гуанчжоуда жүргөндөр окуп да, бизнестин бир жак четин кичине чоюп да жетишип жатты. Кытайдан көргөнүн "Кыргызстанга алып барып колдонсок" деп жүргөндөр да көп. Азыр Кыргызстанга Кытайдан келген инвестициянын көпчүлүгү Кытайда билим алгандар аркылуу келип жатат

## Кыргыздын жолдорун кыргыздар салса болот беле?

Чынында, акыркы жылдары Кытай Шинжаңга аябай көңүл бөлүп жатат. Кыргыздардын арасынан чоң ишкерлер чыгып жатканы бар. Өзүмдүн жеке уккандарым боюнча алардын арасында кыргыз жергесине барып кызмат кылсам дегендери да бар. Алардын: "Кытайдын өзүнөн алып барып жол курдурат экенсиздер, ошого өзүбүзүн эле кыргыз балдардын деле чама-чаркы жетип калды" дегендерин да угуп калам. Жөн эле кызмат кылалы дегендери канча? Ак-Суу, Кызыл-Суу аттуу кыргыздар турган жердин инфраструктурасын барып карап көргүлөчү. Эми укмуш! Кытайлык кыргыз ишкерлер менен жолугушуп калганда "Кыргызстанда кандай бизнес кылсам болот?" деп сурап калышат. Бирок өзүм бизнес жаатында адис болбогондон кийин мындай суроого жооп берүүдөн анча-мынча чочулоо болот экен. "Билим жаатында сурасаң конкреттүү жооп берет элем" деп сөздү көбүнчө билимге буруп кетем.

## Кытайдын мугалимдери Улуу Британияга иштегени кетишет

Кытайдын мектеп окуучулары математика сабагынан билим сапаты боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат. Эмне себептен дейсиз? Булардын математиканы окутуу боюнча кылымдар бою калыптанып келе жаткан системасы бар. Ошол боюнча чакан иш жүргүзүп, атайын компаниялар менен Кытайга барып окуп келген кыргызстандык мугалимдер да болду. Бул системаны Кыргызстандын мектептерине жайылтуу боюнча Кытайдан дасыккан мугалимдерди алып келип, Таш-Дөбөдө июль айында окутуу жүргүзүлдү. Ачык айтыш керек, союз тарагандан кийин билим деңгээлибиз өтө төмөнгө түшүп кеткенин билебиз. Алыс кетпей эле коёюн, өзүмдүн эле жакын туугандарымдан бирөөнө жөнөкөй эле бир суроо берсем, "Муну мен уккан да, көргөн да эмесмин" деп жатпайбы. "Мектеп программасына киргизилген жөнөкөй эсептерди эмнеге көрбөйсүң?" десем. "Биздин мугалим сабак убактысында сериал айтып отурчу" деп кутулду.

Менин кыздарым эки жылдан бери Британ мектебинде окуйт. Алардын мектеби үч баскычка бөлүнөт: башталгыч, ортоңку жана жогорку. Алардын эсебин көрүп мен түшүнбөй койдум. Себеби башкача система менен өтүлөт экен.

Улуу Британиянын Билим берүү министирлигинен Шанхайга келип, жөнөкөй эле мектепте орточо окуган баланын математикадагы деңгээлин көрүп таңкалышкан. Азыркыга чейин Кытайдын алдыңкы мугалимдерин Улуу Британияга алып кетип жатышат. Анан коңшу турган Кыргызстан эмнеге алардын тажрыйбасын албайт деп ойлоном. Муну мененсырттагы нерсенин баарын эле эсибиз ооп калганча ала бериш керек деп айткым келген жок. Эсеп так болгон жерде өсүш дагы болот. Кытайдын билим берүү системасында бизди ностальгияга салчу кандайдыр бир окшоштуктар бар. Мисалы, мен өзүмдүн университетимди айтсам, студенттер менен мугалимдер эртең менен саат сегизден баштап кечки тогузга чейин ошол жакта болушат. Жаштардын бош убактысы жок. Тамеки чегүү, арак ичүү деген дээрлик жокко эсе.

## Бир баланын артынан алты киши жүрөт

Бирок Кытайда бала тарбиялоо боюнча чоң социалдык көйгөй бар. Буларда "Бир үй-бүлөгө бир бала" деген түшүнүк бар эмеспи. Мына ушул коомго терс таасирин тийгизип жатат. Бир баланын артынан алты киши чуркап жүрөт. Ата, эне, таята, таене, чоң ата, чоң эне дегендер. Анан албетте, балада индивидуализм катуу өрчүйт да. Бул жөнүндө өздөрү да изилдеп жатат. Коомдук жайларда улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо деген жок. Коомдук унааларда жаштар отурат, абышка-кемпир турат. Бул аларда көнүмүш болуп калган адат. Жаштар арасында индивидуализмдин күчтүүлүгүнөн ата-энесин карабай таштап кеткен учурлар өтө көп. Кытайда ата-энесин таштап кеткендерге административдик жаза колдонулат. Бирок ошого карабай бул жаман адат жылдан-жылга күч алууда. Бир коомдук роликти көрүп абдан таңкалгам. Бул кытайлардын жаңы жылынын алдында болгон көрүнүш. Балага "Үйүңө бар, ата-энең жалгыз калды" деп телевизордо какшап жатат. Бизде түштүк тарапта миграция көп эмеспи. Кытайларда да ички, тышкы миграция укмуш көп. Буларда миллиондогон балдар ата-эне тарбиясын албай, чоң ата, чоң эне тарбиясын алып келет. Өкмөт былтыр эки балалуу болууга уруксат берди. Себеби 2050-жылгабы, так статистикасын унутуп жатам, булардa картайып калгандар көбөйүп, ишке жарамдуу адамдын саны кескин азайып кетет экен. Бирок ошондо деле эки балалуу боло калайын дегендер аз. Себеби, булардын бала багууга экономикалык шарттары абдан кымбат. Бир баланы чоңойтуу эле оор. "Эки баланы бага албайбыз" дешет. Кээ бир кытайларга "Үч балам бар" десем, "Үч баланы кантип багасың?" деп таңкалышат. Жалгыз балалуу болуу булардын психологиясында калыптанып калыптыр.

## Милиция жана тартип тууралуу

Кытайда капитализм менен комунизмдин аргындашкан формасы бар. "Биз социализмде жашап жатабыз" дегени менен, ошол эле мезгилде байлар менен кедейлердин ортосунда ажырым аябай байкалат. Муну өзүлөрү да көп сөз кылып калышат. Бирок өкмөттүн күчтүүлүгү ушунда – ишенбегенди да "биз социализмде жашап жатабыз" дегенге ишендирет.

Кытайда тартип бузуу дээрлик жокко эсе. Бир жолу бир жерде конокто болуп түнкү 3тө келатсам, жакын эле жерден полиция токтотуп калды. "Булар эми мени бир канча убакытка камайт го" деп ойлодум. Бизде ошондой эмеспи. А кезде мен кытайча аз эле билчүмүн. Эптеп "Мен чет өлкөлүкмүн" десем, "Каякта жашайсың, үйүңдү билесиңби?" деди. Дарегимди айттым. Ортодогу аралык 500 метрлик эле болчу. Ошого карабай унаасына отургузуп алып жеткирип коюшту.

## Дүйнөнүн жети тилин бил, өзүңдүкүн унутпа

Бир жылы Кубатбек Жусубалиев кызы Жамбы Жусубалиева экөө келген. Хенгендеги тилин жоготкон кыргыздар жөнүндө чоң макала ошондо жазылса керек. Алар өздөрүн кыргызбыз дегени менен кыргыздын эч нерсеси жок. Дини шаманизим. Бирок, коркунучтуусу кыргыз тилин унутуп калышыптыр. Алардын жашоо-тиричилигине өзүм да күбө болгом. Ушундан улам тилин жоготкон эл өзүн да жоготоруна ынандым.

Дагы бир жолу маданий кече болуп калып, кытайлык кыргыздардан бир кыз менен сүйлөшсөм ал "Мен кыргызча билбейм, французча окуп өскөм" деп жатпайбы. "Ата-энең кыргызча сүйлөйбү, кыргызча билеби?" десем "Билет" деди. Ошондо жаным кейип "Дүйнөнүн жети тилин бил, өзүңдүн тилиңди билбегенден кийин анда улут болуп эмне кереги бар?" десем ар жактан бирөө колумдан тартып "Кокуй, антпеңиз! Саясий маселе болуп кетет" деп коркуп кетти. Кыскасы, Кытайдагы кыргыздарда да кытайлашуу процесси байкалат.

## Ал-абал сурашып тура беришет

Ичкилик ичкен кытайдын мушташып, бири-бирин сабаганына көргөн жокмун. Себеби алар өтө көтөрүмдүү, чыдамдуу эл келет. Биз кыргыздар сөз көтөрө албайбыз. Он жылдан бери Кыргызстанга келсем эле кабагы бүркөлгөн адамдарды байкайм. Бир нерсе болсо эле сиркеси суу көтөрбөй уруша кетишет. Кытайда мисалы, эки машине кагышып кетсе айдоочулары түшөт да камсыздоочу агент келгенче бири бири менен ал-акыбал сурашып тура беришет. Булардын өздөрүнө сиңген жакшы кулк-мүнөзү бар.

Метродо кетип баратсам бир кытайдын баласы өтө ээнбаш экен. Ар кимди тебелеп-тепсеп, уруна бергенинен тыйып коёюн деп акырын колунан тартып койсом элдин баары "Бул эми бала да" дегендей мени жаман көрдү. А бизде "ошону ырас кылдың" демек. Ал жакта балага эч ким катуу айтпайт.

## Кылкылдаган кытайлар тез өнүгүп жатат

Кытай бизди каптап кетет деп коркпой эле коюш керек. Алар басып алам десе жөн эле басып коёт. Тескерисинче, булардын экономикалык сыйыртмактарынан сак болушубуз керек. Кытай эли азыр Канаданын эл барбаган жерине барып жашап атат. Корксо Канада коркот эле го. Андан көрө мекенин сүйгөн кыргыздар көп болушу керек. Бизде тескерисинче, негативдүү ойлор калыптанып калган. Көбүнчө булардын ыплас жашаарын жана башка кемчиликтерин айтабыз. Бирок, алардын жакшы жагын алганга аракет кылбайбыз. Мисалы, алардын эмгекчилдиги, иштермандыгы бар. Биз сырткы баскынчылардан сактанганыбыз менен, өзүбүздүн ички баскынчылар андан толтура. Кыргызстандын трагедиясы эле жемкорлук экен. Оруска ишенсек минтип өздөрүнүн экономикалык абалы аркага кетип жатат.

Анткени менен, Кытайдан коркконго эч кандай негиз жок. Албетте, булардын Америкага, Европага карата өзүнчө тышкы саясаты бар. Булар дүйнөнү ушинтип инвестиция салуу менен алып жатпайбы. Кытай тарыхта эч кимди кол салуу менен басып алган эмес.

# УЗАК ЖОЛ



**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Безилдеп кетип барат, Бейшемби артынан түштү. Ошентип кууп баратып бир кезде жете түшүп шилиден ары коюп өттү эле Жанымжандын колундагы табагы ыргып кетти. Алар антип жаткан кезде Беккул болуп бир топ балдар жүгүрүп барып көк шибердин арасында жайнап калган буудайды тоокчо терип жеп жатышты...

Бир күнү Бейшемби бир жактагы жумуштан келип, үйгө жаңы гана түшүп отурган. Бар болгону бир аяк жарма ичип, Элебестин чакчасын сурап, насыбай тартууга гана үлгүрдү. Ушул заматта Бейшембинин улуу баласы Жумабек:

— Байке, бир киши мамыдагы атты чечип жатат,— деп үйгө жүгүрүп кирди.

— Каранкүн, катыгүн! — Элебес элтеңдеп, ордунан ыргып турду. Дүрбөп тышка чыксак орусча кийинген, салбыратып чач койгон он тогуз куракта бир ак куба жаш бала турат. Орусча окуган бала экен. (Ал кезде окуган балдардан баштап элден ат жыгып минүүчү.) Караколдон Каркыраны көздөй кетип баратыптыр. Ийнине асынган булгаары сары сумкасы бар. Бала кызыл атты чечип, өз атын мамыга байлап жатканда, жанына басып барды да Бейшемби:

— Жол болсун баатыр? — деди, шашпай гана жай дабыш менен.

Бала абалы мындай эле деп жөнүн айтуунун ордуна көргөн жерден:

— Ал аттын ээрин! — деди, колу менен кызыл атты нускап чыйралып. Бир аз аярдай калып Бейшемби:

— Кечээ эле Каркырадан үй көчүрүп келдим эле... Баатыр, эми өзүң бил,— деди.

—Мага десең бир эмес беш барып кел,—деди да бала кызыл аттын куюшканын чыгарбай туруп, ээрин шыпырып ыргытып жиберип, өз ээрин токууга кам урду. Баланын бул кебетесин көргөндөн кийин, Бейшембинин кыжыры келип, «ушундан келгенди бир жолу көрөйүнбү» деген кишидей нечен жолу зызырынып барып, балага кол салчудай болуп турганда Элебес менен Бурмаке мунусун сезип калып:

— Кой балам, буга теңелип болобу? Өз башыбызга балээ болот, — деп акырын басып койду.

— Ушул турган Каркырага мына бу өз атың деле ойноп жеткиргидей экен.

— Анда жумушуң жок,— деди бала чорт кесип. Ыракымы түшүп калар бекен деген кишиче Бурмаке:

— Биз бир бечара жолчубуз, кулунум! Бизди аягын. Жан сактап турган жалгыз ат. Өзүң жаш бала экенсиң, Кудай өмүрүңө береке берип,мындан бетер улуктукка жеткирсин,—деп жалынып-жалбарып жиберди. Бурмаке жогорку жакшылыгын балага чын ниети менен айткан жок — амалсыздан, жан айласы үчүн айтылган кеп эле.Не керек, баятан берки сөздөр окуган балага кенедей таасир эткен жок. Кызыл атты токуп, лып этип минип алды да, Каркыраны көздөй кеткен улуу жолго салып, качкын кууп бараткандай үстү-үстүнө камчылап, зымыраган бойдон заматта көздөн кайым болду. Кызыл атты катуу камчыланып кетип бараткан бизге кыйын тийип, аяп, артынан карап кала бердик.Ушундай ары-бери өткөн бузукулардан жалкып жолчулар аттарын көбүнчө токойго, коктуларга алып барып, кишен салып коюучу. Бүгүн бизге жаман жерден туш келди.Аттиң кедейлик! Жаңкы жерде бир-эки сом болгондо кызыл атты алып калар элек. Ал кеткенден кийин, Кызыл аттын күйүтү көпкө басылбай, Элебес адатындай кулак-мээни жеп:

— Алда каранкүн ай, ушунун тушунда жетип келе койгонун каарачы!.. деп ирээнжип, Бейшембиге капаланып отурду..

— Бул балакеттин келип каларын мен кайдан билдим? — дейт ал.

—Эми кайгырганда не, кайгырбаганда не... Карыптардын кайгысына карай турган заманбы? Атакөйү кызыл аттын бир тери бар экен. Өткөн иш өттү...— деп Бурмаке аларды жубаткан болот. Булар ушинтип жатканда мен бир кендир көтөрмөнү алдым да күндөгү маалды көрүп отунга кетип калдым. Бара жатып үйдөгүлөрдүн абалын ойлодум, өзүмдү бир боштондукка чыга түшкөндөй сездим. Берегинде Чоң Курман жасоол:

*Ак-Суунун башы балгынды,*
*Ак-Байтал, Кең-Суу салкынды,*
*Айтпай кантип коёюн,*
*Ашыктыктан дартымды,* —

деп аттын сыдыра басыгы менен акырын гана зыңкылдап өтүп баратат.

Беккул менен Эшпай Башариндики жактан келе жатып жолумдан чыкты. Жаңы бирдеме таап, олжолуу болгон эмедей жаркылдап, кубанып келе жатышат. Жакын келбей жатып эле тетигиндейден мени көрө коюп Беккул:

— Биз Башариндикинен токоч жедик,— деп алда-кайдан сүйүнчүлөдү.

— Эмне алып бардыңар эле? — дедим.

— Бүлдүркөн, карагат...

— Канча токоч берди? — дедим мен кызыгып. Буга Беккул жөнөп бергиче болбой озунуп, Эшпай:

— Мага мынча берди,— деп чилмийген алаканын сайып, оң колу менен аны туура кертип көрсөттү.

— Беккулга канча берди?

Калтылдаган элпек колун дагы жаңкыдай кылып өлчөп туруп:

— Беккулга мынча, мага мынча берди,— деп Беккулдукунан өзүнүкүн чоңураак кылып көрсөттү.

Башариндин үйүнүн маңдайында бир чал бар эле... Аны биз «Бабай» дечүбүз. Мунун эки уул, эки кызы бар. Төртөө тең бойго жеткен немелер. Улуу баласы былтыр солдатка кеткен. Өзү бай эмес, малдан үч-төрт жылкысы болуп, орточо гана оокаты бар. Кызыл-Кыяга келгенине он жылча болуптур.

Бабай өзү жетимиштерге келип калган. Карылыгы жетсе да анчалык күчтөн кала элек чал. Бапыйган чоң сакалы бар, кочкор тумшук, кызыл көз неме. Кыргызча «жаман, жакшы, акча» дегенден артык тил билбейт.

Кээде ушунукунан токоч жейбиз деп, атайы тоого барып, карагат, бүлдүркөн терип барып берчүбүз. Кечке жуук болгондо айттырбай барып, талаада жүргөн уйларын таап алып, үйүнө айдап келип берип, андан да алчубуз. Көңүлү жай болуп турган убактарда капысынан жөн барып калсак да беруучү. Бирок, бул максатка жетиш үчүн туштап туруп, тамактын үстүнөн чыгыш керек. Ошондо да келээр менен бере койбоду деп ызаланып кетип калбай, чыдаш керек, белгилүү мезгилге чейин күтүп туруш керек. Бирок алып барган малыбыздан баары пул боло берчү эмес. Терип берген жер-жемишибизди кабыл албай, кайтарып салган кездери да бар.

Бир каталыгым эсимде. Бир күнү мен тоодон эки чыныга жакын бүлдүркөн терип келдим. Үйүнө кирчү эмеспиз. Адатыбызча, кайырчыдай эшикте жалдырап күтүп турсам мени көрүп кызы чыгып келди. Мен ага бирдеме деп айтуунун ордуна көйнөгүмдүн этегин жайып, бүлдүркөндү көрсөттүм. Кыз эң мурун колумду анан этегимди карап-карап турду да бир кезде:

— Керек жок,— деп кайра кирип кетти.

Менин багыма башынан «сыр билгич» кемпири кезикпей, кызы туш келгенине өкүнүп кете бердим. Кетип баратып: «Көңүлдөрү куш болуп турган учуруна кезикпей калдым го» деп оюма кетти.

Ушундан кийин бүлдүркөндү бир жууган калайга салып, үстүн таза жалбырак менен жаап алып баруучу болдум. Ошентсе да Башаринге караганда бизге Бабайдыкы бир аттам жакын көрүнүүчү. Башариндикине мындай жөн салды барганда токоч бермек түгүл, тентек баласы—Петке бизди көрсө кыжыры кайнап уруп, ызалап коё беруучү. Ошондон жалкып анда көп бара алчу да эмеспиз. Бир күнү кечинде үйдө отурсак Байболоттуку тараптан карса-курс, жаң-жуң эткен дабыштар чыгып калды. Бирөөнө тобу жабылып уруп жаткан сыяктуу. Анча болбой:

— Карма доңузду, союп сал! — деген Ыбыкенин үнүн тааныдык.

— Кокуй өлтүрдү, өлүгүңдү көрөйүңдөр, кырабы мындагы элди! — деп чаңк эткен дагы бир катындын ачуу дабышы чыкты.

Биз дүрбөп тышка чыктык. Иңир кирип, жер караңгылап калган. Жаңкы жаң-жуң Байболоттуку жакта болуп жатат. Көптүн ичинде Ыбыке, Карабай старчын болуп Эрке Сарынын бир топ жакшылары жүрөт. Ыбыке жигиттерин көкүтүп, тукуруп коюп, болуп жаткан жоруктарга көз сугарып, камчысын ээрининин кашына таяп, кесирленип, ат үстүндө гана карап турат. Жерде төрт-беш киши тополоң түшүп кармашып жүрөт. Бизге Байболот жалгыз бир жак, калганы бир жактай болуп көрүнөт. Анткени ошончо элдин жабылып жүргөнү жалгыз Байболот.

— Карма, доңуздун колун байла! — деди бирөө караңгыда түрсүлдөшүп жүрүп.

Байболоттун он жашар кибиреген кызы бир эсе чыңырып барып атасына түшө калат да, бир эсе безеленип кайра энесине жүгүрүп келет.

— Кокуй, балдардын жүрөгүн түшүрмөк болду бул тукум курүттар! — деди Байболоттун катыны чыңырып жүргөн кызын ала коюп, алактап. Ошол кезде Байболот кандайдыр, топтун ичинен бир жолу суурулуп чыга түштү да качып барып, Карабайды камчы менен басып-басып алды.

— Атаңдын көрү кул ээй! Бул жамандын күчүн! Кармабайсыңарбы?! — деди Карабай башкаларына.

Байболот эр эле, карматпай качып баратып, улам артынан жеткенин кайрылып сабап жүрөт. Ошентсе да көп коёбу, бир кезде Байболотту жабылып кууп жетип, желенин жанына алып келип басты эле, бир уй үркүп кетип мурунтугун үзүп алды...

Бул окуянын түбү мындай экен: Байболоттун эрден чыгып келген бир кызы бар болучу. Муну бир топ жакшылар менен Ыбыке баш болуп, Байболотко бир ооз айтпай Каркырада бир казакка барып, кыздын сыртынан куда түшүшөт. Калың бычышат. Кызды колмо-кол бермек болуп, ал жерден куда-мудалары менен биякты көздөй жөнөп калышат. Калыңдан алган элүү кой, жыйырма чакты караны күн мурунтан айдатып жиберишет. Ошону менен калдайган калың кол бир күнү Байболоттукуна келип жетет. Келсе кыз жок, ал мындан бир-эки күн мурун бир сүйгөнү менен качып кеткен. Анын качаарын Байболот да, катыны да билген эмес. Тигилер бул жорукту келгенден кийин гана бир билишет.

Жаңкылар келип Байболотту басып жыгылгандын жөнү ушул экен. Себеби биринчиден, калыңга келген малды кайтарып берүү керек. Экинчиден, кудага шерменде болушту.

Баарынан да малды айтсаңчы! Кудадан айдап келген мал эмгиче Ыбыкенин айлына барып калган да көрүнөт. Карабай будаланып жаткан топтун ичинен көптөн кийин күйүгүп чыгып келип атына минди да, кайра бери карап туруп камчысын секеңдетип:

—Шашпа, солдатка кыл алдында Бейшемби экөөңдү кармап бере албасам элеби!.. — деди.

Ушинткенде Бейшемби селт карай калды да:

— Карабай, ыгы жок тийишкендин эмне кереги бар? — деди.

— Сенде кылмыш көп баччагар. Тура тур, шашпа!..

— Кудай урбадыбы, мен бирөөнүн бүлөсүн бийлей алчумунбу?

— Унчукпа, чочко! — деди Карабай качырып барып салып калчудай зызырынып.

Бейшемби камданып бирдеме дегени келе жатканда Ыбыке:

— Кана, жүргүлө, булардын эсебин өзүбүз табабыз,— деп атынын башын кайра тартты да тобу менен дүрбөп, жөнөй берди.

Булар кетээр замат Байболот катыны менен түн катып, Караколго жүрмөк болду. Катындын өңөргөн бешиги бар. Бул жөнүндө убара болосуң, барба, деп ар ким айтып көрсө да Байболот:

***(уландысы бар)***

# Курман айт – мусулмандардын ири майрамы

Курман айт майрамы жылдан-жылга күчөп келе жатат. Өзгөчө бак аралап, же көчөлөрдө, маршруткаларда жүрүп калсаң "майрамыңар менен" деп орус уруусундагы кыргыздар айтканда жүрөгүң жылып кетет экен. Албетте, бул майрамды шаңга бөлөгөн чалынган курмандыктар эмеспи. Курмандык союуда көч башында турган "Элим барсыңбы?", "Адеп башаты" фонду элибизди биримдикке үндөп, пайгамбарыбыздын жамаатка көңүл бурганын жалпыга эскертип, жыл сайын жамаат менен курмандык союп келет. Бул эки фонд "Элге кызмат кылалы, кечекек муун үчүн өрнөктүү иш жасайлы" деген өзүбүздүн эже-агаларыбыздын башын бириктирип, ар кандай иш-чараларды уюштуруп келет. Бул жолу алар курман айтка бир ай калгандан тартып "Курман айтта миңдеген муктаж кишилердин кубанычына ортоктош болгуңуз келсе, биз менен курмандык чалыңыз! 1 үлүш 7 000 сом" деген акция уюштурду.

## Курмандык салтка айланды

"Жыл сайын Курман айтта "Элим барсыңбы?" кайрымдуулук фонду республика боюнча миңге чукул бодо мал союп, жакыр үй-бүлөлөргө таратып келет. Тактап айтканда, карылар үйүнө, балдар үйүнө, жакыр үй-бүлөлөргө курмандыктын эти таратылып, майрамдык маанай тартууланат. Курман айтта мал союу жыл сайын өткөрүлүп турчу салтка айланды. Бул күнү Кыргызстандын он миңдеген үй-бүлөлөрү эт менен камсыз болушат", – деди аталган фонддун жетекчиси Хабиб Арзыкулов.





## Миңге чукул бодо мал союлду

"1 үлүш 7 000 сом" аттуу акцияга кошулган демөөрчү эже-агалар 12-сентябрь күнү "Элим барсыңбы?" коомдук кайрымдуулук фонду, "Адеп башаты" коомдук прогрессивдүү фонду менен биргеликте Курман айт майрамына карата республика боюнча миңге чукул бодо мал союп, кайрымдуулук акциясын өткөрдү. Анда Чүй облусу боюнча 500дөй бодо мал союлду. Малды демөөрчүлөр өздөрү алып келип союп, муктаж үй-бүлөлөргө, карылар үйүнө, жетимдер үйүнө, медреселерге, студенттерге жеткирип беришти.







## САРЕСЕП

коомдук-аналитикалык гезити

**ЖАЗЫЛУУ БАРАКЧАСЫ**

Жазылуу жүргүзгөн киши ____________

Телефону ____________

**Абонент туралуу маалымат**

Аты-жөнү ____________

Дареги ____________

Болжолдуу жайлар ____________

Телефону ____________

Кесиби ____________

Төлөмү ____________

Колу ____________

Күнү ____________

**Урматтуу окурман!**
Саресеп гезитине жазылуу башталды. Бул дүмүрчөктү толтуруп, сүрөтүн вотсаптан салыңыз. Акчасын Эл-сом аркылуу 0555 204 571 номуруна жиберсеңиз болот. Жазылуу баасы: 1 жылга 700 сом, жарым жылга 350 сом

**Эскертүү:** Урматтуу абонент, эгер гезит баруучу дарегиңиз өзгөрө турган болсо редакцияга алдын ала кабарлап коюуңузду өтүнөбүз.

**Редакциянын дареги:**
Бишкек шары, Фрунзе көч., 387(Карпинка көчөсү менен кесилишет). 1-кабат 0(312)680734
**Э-почтасы:** saresepkg13@gmail.com
**Интернет баракчасы:** www.saresep.kg
**Фейсбук:** https://www.facebook.com/saresep.geziti.3

MAGNAT ТАКСИ

Шашылганда шап келет

1496

0772 89 55 77

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 40 сом

АР БИР ЧАКЫРЫМГА 10 сом



Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!